ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2025 №7

ВЕСТНИК

# ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ

Журнал включён в Российский индекс научного цитирования (РИНЦ)

Электронный периодический научный журнал



Бишкек - 2025

# ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2025 №7

**Электронный периодический научный журнал**


## ОСНОВНЫЕ РАЗДЕЛЫ:

**01.00.00 ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**02.00.00 ХИМИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**03.00.00 БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**04.00.00 ИННОВАЦИОННЫЕ ТЕХОЛОГИИ**

**05.00.00 ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**06.00.00 СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ НАУКИ**

**07.00.00 ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ И АРХЕОЛОГИЯ**

**08.00.00 ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**09.00.00 ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ**

**10.00.00 ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**11.00.00 ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**12.00.00 ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**13.00.00 МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ**

**14.00.00 ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ**

**15.00.00 ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**16.00.00 СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**17.00.00 ПОЛИТОЛОГИЯ**

**18.00.00 КУЛЬТУРОЛОГИЯ**

**19.00.00 ВЕТЕРИНАРНЫЕ НАУКИ**

**20.00.00 НАУКА О ЗЕМЛЕ**

**ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2025 №7**

**Электронный периодический научный журнал**

## ГЛАВНЫЙ РЕДАКТОР

**БЕЛЕК УУЛУ ЭСЕНБЕК** – Учредитель компании ОсОО «БЭА ком». Генеральный директор ОсОО «БЭА ком». Главный редактор Вестник пространство учёных в мире. Начальник отдела редакции и наукометрического анализа. Председатель Совета молодых ученых (Бишкек, Кыргызстан)

## ЗАМЕСТИТЕЛЬ ГЛАВНОГО РЕДАКТОРА:

**ЧОРТОМБАЕВ УЛАН ТЫРГООТОВИЧ** – Доктор экономических наук, и.о., профессора, зав. кафедры геодезии и геоинформатики, Кыргызского государственного технического университета имени И. Раззакова. Заместитель главного редактора Вестник пространство ученых в мире (Бишкек, Кыргызстан)

**ЖОРОЕВА АЙНУРА МАМАТОВНА** – Кандидат экономических наук, доцент, начальник отдела науки Джалал - Абадского государственного университета имени Б. Осмонова. Заместитель главного редактора Вестник пространство ученых в мире (Бишкек, Кыргызстан)

**КЕРИМОВ ТОЛОГОН КЕРИМОВИЧ** – Советник Генерального директора ОсОО «БЭА ком», Заместитель Главного редактора, координатор Вестник пространство ученных в мире (Бишкек, Кыргызстан)

## РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ:

**Чортонбаев Тыргоот Джумадиевич** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор кафедры биотехнологии и химии Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Умарова Мария Умаровна -** Доктор экономических наук, и.о., профессора, заведующая кафедрой прикладной информатики и информационных технологий Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина.

**Асаналиев Абдыбек Жекшеевич** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор кафедры растениеводство и защита растений, Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина

**Омуралиев Нурбек Ашимканович** – Доктор социологических наук, профессор, Центр социальных исследований Национальный академия наук Кыргызской Республики

**Сабирова Умида Фархадовна** – Доктор социологических наук, профессор. Заместитель главного редактора журнала ВАК "Гуманитарные науки". Национальный университет Узбекистана имени Мирзо Улугбека

**Ажибаева Айнура Жакшимбековна -** Доктор педагогических наук, профессор. Таласский государственный университет

**Жумалиев Самат Субанкулович -** Доктор филологических наук, профессор. Таласский государственный университет

**Сулайманова Света Мукашовна -** Доктор физико-математических наук, профессор кафедры прикладная информатика и информационные технологии. Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И.Скрябина.

**Тургунбаев Кубанычбек Токтоназарович** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор. Заведующий кафедрой лесоводства и плодоводства факультета агрономии и лесного хозяйства, Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина

**Жумалиев Тургунбек Жолдошалиевич** - Кандидат физико-математических наук, доцент, Декан факультета Экономики и менеджмента. Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И.Скрябина

**Кудайбергенова Жылдыз Абыкановна** - Кандидат педогогических наук наук, доцент. заведующая кафедрой отделения среднего профессионального образования «Информационные технологии» Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Андашев Улан Турдубекович** - Кандидат юридических наук, доцент кафедры гражданского, трудового и экологического права. Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына

**Ибраева Нурила Мукашевна** - Кандидат экономических наук, доцент. Заведуюшая отделом аспиантуры и доктарантуры Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Исмаилова Кульнара Джанчаровна -** Кандидат технических наук наук, доцент кафедры гидротехнического строительства Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Исмаилов Аскарбек Кожомбекович** - Кандидат юридических наук, доцент, декан факультета Гуманитарных и естественных наук Международного Кувейтского университета

## РАЗДЕЛ: СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ НАУКИ

**УДК 634.752**

# МАДАНИЙ ӨСҮМДҮКТӨДҮ ӨСТҮРҮҮДӨ ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ (КЫЗЫЛГАТТЫН *FRAGARIA* МИСАЛЫНДА)

*Жээнбекова Бурулай Жолболдуевна, а/ч.и.к., доцент*
*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,*
*Жалал-Абад, Кыргыз Республикасы*
*E-mail: jeenbekova_2015@mail.ru*

*Чоноева Назира, ТИББ (б) маг -1-23 тайпасынын студенти,*
*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,*
*Жалал-Абад, Кыргыз Республикасы*
*E-mail: jeenbekova_2015@mail.ru*

***Аннатация.*** *Илимий макалада кызылгатты заманбап технологияларды колдонуп өстүрүү ыкмалары иликтенди. Акыркы жылдарда жер тилкеси аз же жок болбогондуктан, маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө көп көңүл бурбай жатабыз. Талыкпас эмгектин натыйжасында, ийгиликтерге жетүү ар бир инсандын эмгекчилдигиңен жана аракетиңен көз каранды. Бүгүнкү күндө агрардык тармакта өсүмдүктөрдү жаңы технологияларды колдонуу менен өстүрүү багбандардын гана эмес бүткүл жергиликтүү калктын кызыкчылыгын артырып келет.Бул жааттагы чет өлкөлөрдүн оң тажрыйбасы каралып, жаңы агротехнологиялык жол менен маданий өсүмдүктөрдү өстүрүп, өндүрүлгөн азыктарды дүйнөлүк аренага жайылтуу зарылдыгы негизделди. Демек, биз маданий өсүмдүктөрдүн бири болгон кызылгатты өстүрүүдө жер тилкеси жок шар тургундар үчүн зарылдыгы каралды. Азыркы Кыргызстандын шарттарында маданий өсүмдүктөрдү өстүрүү агротехнологиясын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүүнүн негизги багыты бул түрдүү жаңы технологияларды колдонуу менен экологиялык жактан таза, экономикалык жактан киреше келтире турган азыктардын өндүрүлгөндүгү аныкталды жана азыктарды өндүрүп, жергиликтүү калкка жайылтуу жагы каралды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *заманбап технология, фермер, альба, ремонтантуулук, розеткалар, селекция, компост, полиэтилен, трубка, баштык, пирамида, жер тилкеси, экология, киреше.*

# МЕТОДЫ ПРИМЕНЕНИЯ НОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ПРИ ВЫРАЩИВАНИИ КУЛЬТУРНЫХ РАСТЕНИЙ (НА ПРИМЕРЕ КЛУБНИКИ FRAGARIA).

Жээнбекова Бурулай Жолболдуевна, а.ч.и.к., доцент
Б.Джалал-Абадский государственный университет им. Осмонова,
Джалал-Абад, Кыргызская Республика
E-mail: jeenbekova_2015@mail.ru

Чоноева Назира, студентка группы МАГ-1-23 МГБ (б) ,
Б.Джалал-Абадский государственный университет им. Осмонова,
Джалал-Абад, Кыргызская Республика
E-mail: jeenbekova_2015@mail.ru

***Аннотация.*** *В научной статье исследуются методы выращивания клубники с использованием новых технологий. В последние годы мы не уделяем много внимания выращиванию культурных растений из-за небольшого участка земли или его отсутствия. В результате упорного труда достижение успеха зависит от вашего упорного труда и усилий каждого человека. Сегодня в аграрной отрасли выращивание растений с применением новых технологий вызывает интерес не только у садоводов, но и у всего местного населения. Был рассмотрен положительный зарубежный опыт в этой области, обоснована необходимость выращивания культурных культур новым агротехнологическим способом и продвижения производимой продукции на мировую арену. Поэтому при выращивании клубники, одного из культурных растений, мы учитывали необходимость для жителей воздушного шара, у которых нет земельного участка. Основным направлением поддержки развития агротехнологии выращивания культурных культур в условиях современного Кыргызстана является выявление производства экологически чистых, экономически выгодных продуктов с применением различных новых технологий и рассмотрение возможности их производства и распространения среди местного населения.*

***Ключевые слова:*** *современные технологии, фермер, альба, ремонт, розетки, селекция, компост, полиэтилен, трубка, мешок, пирамида, земельный участок, экология, доход.*

## METHODS OF APPLYING NEW TECHNOLOGIES IN THE CULTIVATION OF CULTIVATED PLANTS (USING THE FRAGARIA STRAWBERRY AS AN EXAMPLE).

Zhenbekova Burulay Zholboldievna, Ph.D., Associate Professor
B. Jalal-Abad State University named after Osmonov,
Jalal-Abad, Kyrgyz Republic
E-mail: jeenbekova_2015@mail.ru

Chonoeva Nazira, student of group MAG-1-23 MGB (b) ,
B. Jalal-Abad State University named after Osmonov,
Jalal-Abad, Kyrgyz Republic
E-mail: jeenbekova_2015@mail.ru

*Translated with DeepL.com (free version)*

***Annotation.*** *The scientific article explores the methods of growing strawberries using new technologies. In recent years, we have not paid much attention to the cultivation of cultivated plants due to the small area of land or lack thereof. As a result of hard work, success depends on your hard work and the efforts of each person. Today, in the agricultural sector, the cultivation of plants using new technologies is of interest not only to gardeners, but also to the entire local population. The positive foreign experience in this field was reviewed, the need for growing crops in a new agrotechnological way and promoting the products to the world stage*

*was substantiated. Therefore, when growing strawberries, one of the cultivated plants, we took into account the need for residents of the balloon who do not have a land plot. The main focus of support for the development of agricultural technology for growing crops in modern Kyrgyzstan is to identify the production of environmentally friendly, economically profitable products using various new technologies and consider the possibility of their production and distribution among the local population.*

***Keywords:*** *modern technologies, farmer, alba, repair, sockets, breeding, compost, polyethylene, tube, bag, pyramid, land plot, ecology, income.*

**Киришүү.**

Кызылгытты өстүрүүдө заманбап технологияларды колдонуу менен өстүрүүнүн арготехнологияларын үйрөнүү, практика жүзүндө колдоно билүү жана калкка жайылтуу.

*-кызылгаттын биологиялык өзгөчөлүгүн жана пайдалуу касиеттерин билүү;*

*-заманбап технологияларды колдонуу менен экологиялык жактан таза жана экономикалык жактан кирешелүү продукцияларды өндүрүүнү үйрөнүү.*

Кызылгат бардык шарттарга тез ыңгайланышып, сууну көп талап кылган башкача айтканда нымдуулукту жана жарыкты сүйгөн өсүмдүк.

17-кылымдан баштап өсүмдүк катары керектелип келүүдө Ошол убакда Галландияда биринчи жолу чөп мөмө-жемиштүү кулпунай сорту пайда болгон.

Жемиши майда (2-3 г), кызыл, көк, ширелүү, жыпар жыттуу болуп, пайдалуу касиеттерге ээ. Кызылгат төмөндөгүдөй курамды (%):*органикалык заттар* 0,8-1-6,6, *азоттук заттар* 0,9-1,2 *кант* 4,5-10 жана *пектиндер* 1-1,6, *виаминдер* С 50-80 мг % кармашат [1].

Кызылгат канды токтотуучу, жаракатты айыктыруучу жана сезгенүүгө каршы пайдалуу касиеттери бар. Ошондой эле склерозго каршы таасири жана заттардын алмашуусун жөнгө салып, канды жакшыртат.

Кызылгаттын курамында миркоэлементтер бар болгондуктан, адамдын организминдеги оор металлдарды алып чыгууга жардам берет. Бул илимий ишим боюча Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районун Бешик-Жоон айылындагы “Исакулов” фермердик чарбасында 2019-жылдын бери өстүрүлүп жаткан кызылгат менен иштеп келе жатабыз [3].

**Материалдар жана методдор.**

2024-жылдын жаз айында “Исакулов”фермердик чарбасында өстүрүлүп жаткан 1 га аянтдагы кызылгаттын черный принц (Black Prince) жана альба сортторуна изилдөө жүргүздүм. Изилдөө учурунда сугаруу, чабуу, отоо чөптөрдөн арылтуу, жер семирткичтерди берүү иштерин жүргүздүк жана жүргүзүү усулун үйрөндүм.. Биринчи түшүмдү май айынын аягында алдык. Алган түшүм жогорку киреше алып келүү менен базар экономикасына чыгарылды жана жакынкы өлкөлөргө экспорт болду.

Бул төрт жылдын ичинде кызылгатты бир гана классикалык жол менен өстүрбөстөн, өстүрүүнүн жаңы технологияларын да колдонуп түшүм алынып келүүдө. Жаңы ыкмаларды колдонуп, жер тилкеси аз жерден эле жогорку сапаттагы экологиялык жактан таза, экономикалык жактан көп киреше бере турган түшүмдү багбандар алып келери белгилүү [3].

**Кызылгаттын биологиялык өзгөчөлүгү.**

Элдик аталышы кызылгат (лат. *Fragaria moschata*) Rosacea -бул роза гүлдүүлөр уруусуна кирген -өзгөчө жыты бар, бою жапыс көп жылдык жемиш өсүмдүгү.

Кызылгат тамыры сабактуу, сабагы төшөлүп, бутактанган. Жалбырагы ири жалбырактуу үч бурчтук түсү кочкул - жашыл. Ал эми гүл сабактары жалбырактарынын деңгээлинде же андан төмөн жайгашкан гүлү ак түстө, гүл чыгаруучу жерлери тамыр моюнчасынан розетка сыяктуу чыгышат. Мөмөсү – конустук – шар формасында, каралжын кочкул, кызыл түстүү болот [1].

Кызылгат эки үйлүү өсүмдүктөргө кирет. Аталык жана энелик гүлдөрү бир өсүмдүктө жайгашып, кош жыныстуу деп аталат. Жарыкты сүйгөн, суукка чыдамдуу, топуракка талабы күчтүү жана жер кыртышына жакын жер алдындагы сууларга туруштук бере албаган өсүмдүк.

Кызылгаттын кээ бир сорттору ремонтанттуулукка б.а. өсүмдүк жайы бою түшүм берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Ошондой эле Кыргызстандын бардык облустарынынын шарттарына ыңгайлашып өскөн сорттору (таблица 1).

**Кыргызстандын облустарында өстүрүлгөн сорттору**

| № | Кызылгаттын сорттору | Өстүрүлгөн облустары |
|---|---|---|
| 1 | Арника | Чүй областы, Ыссык-Көл областы |
| 2 | Вола, талисман, | Ош, Жалал-Абад, Баткен, |
| 3 | Узбекистанская , черный пренц | Ош, Жалал-Абад, Баткен,Чүй, Талас |
| 4 | Десна, золушка, русановка | Чүй |
| 5 | Зенга-Зенгана | Бардык областтар үчүн |
| 6 | Ясна | Ош, Жалал-Абад, Баткен, |

**Агротехника.**

Кызылгат үчүн жакшы корголгон, терең иштетилген, борпон, абаны жакшы өткөргөн, отоо чөптөрү жок жерди тандап алуу сунушталат. Кулпунай үчүн бийик ачык эңкейиш жерлер жарабайт, анткени андай жерлерде өсүмдүк үчүн кар жетишсиз болгондуктан ушуп калышы мүмкүн. Жазында болсо нымдуулуктун аздыгынан жапа чегишет. Ошодой эле шордуу жана өтө таштак жерлер да жарабайт. Ал эми жер астындагы суулар 80-100 см денгээлден ашпаш керек. Кулпунайдын дээрлик баардык топуракка өстүрсө болот. Бирок орточо чополуу же кумдуу топуракта өстүрүү эң ынгайлуу. Чополуу же кумдуу жер кык же компост менен семиртилиши зарыл. Ал топурактын кычкылдуулугу 5,0 - 5,5 төмөн эмес жерлерде жакшы өсөт [4,5].

***Жерди тандоодо жана топурагын даярдоодо*.**

Жерди даярдоодо оор, чополуу, сууну жакшы өткөрбөгөн топуракка, өзөндүн жуулган куму менен органикалык жер семирткичтерди чачуу зарыл. Себеби кычкыл топуракты акиташтайт, бара-бара жер айдоо кыртышын терендигин жогорулатып, сөзсүз түрдө органикалык жер семирткичтерди чачабыз. Органикалык жер семирткичтер үчүн чанактуу өсүмдүктөрдү колдонсок болот. Кулпунай тигиле турган жер тилкеси күзүндө даярдап койсок жакшы болот. Ал үчүн 25 - 30 см терендикке чейин айдап, андан кийин топуракты кылдаттык менен жумшартып, органикалык же минералдык жер семирткичтерди чачуу керек. Ал эми жерди жазгы иштетүүдө: даярдоо жумуштарын тигүүгө 10 күн калганга чейин даярдоо сунушталат. Бирок талааны күзүндө айдоо- эң жакшы натыйжа берет [1,3].

Көчөттөрдү тигүү үчүн жөөктөрдүн аралыгы 50-60 см, ал эми үрөндүн тереңдиги 20-30 см. болот. Тигилген көчөттөрдүн аралыгы 20-25 см болот. Бул аралык кулпунайдын мөмөсү бышып жетилүүсүнө жакшы натыйжа берет[3].

**Кызылгаттын көчөттөрүн тигүү ыкмасы.**

Кулпунайды өстүрүүдө үч жол менен өстүрүүгө болот.

- *эски түптү розеткалардан бөлүп өстүрүү;*
- *уругу менен өстүрүү;*
- *мурутчалар менен өстүрүү.*

Кулпунайды уругу менен көбөйтүүдө көбүнчө селекция максатында колдонууда селекционерлер өстүрөт [3]. Ал эми дыйкандар үчүн эң ыңгайлуу мурутчалар менен көбөйтүү жакшы натыйа берет.

*Мурутчалар менен көбөйтүү:* эң кенири жайылган жана эң жакшы ыкма. Көчөт бере турган өсүмдүктөрдү атайын даярдалган жер тилкелеринде өстүрүшөт. Көчөттөр суюк тигелет. Өсүмдүктөрдүн аралыгы 80 – 90 х 40 см болуш керек. Жер аянтчасындагы көчөттөр ар түрдүү сорттор болуп, бири - бири менен чаңдашып кетпөө үчүн, аралыгын 2 метрден кем эмес тигүү зарыл. Көчөт тигүүчү жер тилкесиндеги көчөттөрдү 2 жыл колдонсо болот. Анткени андан кийин көчөттөрдүн тукумдук сапаттары начарлайт. Көчөттү жакшы карап, мурутчаларын жулбаш керек. Көчөт катары тамырдан чыккан 2 түп розетканы гана колдонуу сунушталат. Анткени алар эң сапаттуу көчөт болушат. Калгандарын жулуп таштоо керек [3].

**Изилдөө жыйынтыгы.**

**Кызылгатты өстүрүүдө жаңы технологияларды колдонуу.**

Кызылгат кеңири таралган жана тез ыңгайланышып өсө алган, өтө даамдуу жана дарылык касиети ээ өсүмдүк болуп салат. Ошондуктан бул өсүмдүктүн түшүмүн артыруу менен бирдикте сапаттуулугун жакшыртуу үчүн бир канча ыкмаларды жана жаңы технологияларды колдонуу сунушталат. Өстүрүү технологиялардын түрлөрү боюнча:

**Классикалык ыкма.**

Классикалык өстүрүү ыкмасына бир саптуу жана эки саптуу тигүү сихемасын камтыйт. Кызылгаттын көчөттөрүн тигиүүдө тамырлары кургап калбоо үчүн туура эгүү сунушталат. Көчөттөрдү тигүүдө тамырлары ойдо карабагандай кылып, ондош керек, өтө узун тамырлар болсо 5-6 см.ге чейин кыскартып, кыркып таштайбыз. Көчөттүн тамырларын жакшылап жайып, топурак менен толук жаап, жөөктун четин тыгыздап басып коюш керек. Тереӊ тигилген өсүмдүк чирип, ал эми тайыз тигилген өсүмдүк - кургап калышы мүмкүн (1 жана 2 сүрөт). Көчөттөрдү түз сапка тигет, башкача айтканда анын жүрөкчөсү - өсүмдүктүн өсүү точкасы - топурактын нымдуу катмарына туура келип жана ачык болуп турушу зарыл [3].




**Турбаларда өстүрүү ыкмасы.**

Кызылгатты турбада өстүрүү көп жерди талап кылбайт. Көбүнчө шаар тургундарына же жер тилкеси аз же жокторго сунушталат. Мында атайын даярдалган пластик турбаларды белгилеген жерге орнотуп, анын ичин органикалык заттар менен байытылган топурак менен толтурабыз. Шахмат түрүндө тишикчелерди даядап, көчөттөдү олургузабыз (3-сүрөт.) [3,5].



**Баштыктарда өстүрүү ыкмасы.**

Кызылгатты баштыктарда өстүрүүда жер тилкеси жок жергиликтүү калкка сунушталат. Себеби бул ыкма көп жерди талап кылбайт.илдетсиз таза продукция өндүрсө болот. Мында баштыктардын ичин органикалык заттар менен байытылган топурак менен толтурабыз. Көчөттөрдүн аралыгын 20-25см аралыкда болуу үчүн тешикчелерди даярдап олтургузабыз (4-сүрөт) [2,5].



**4-сүрөт. Баштыктарда кызылгатты өстүрүү ыкмасы.**

**Полиэтилен менен жабып өстүрүү ыкмасы.**

Кызылгатты өстүрүүдө бул ыкма үчүн жарык жакшы тийген, отоо чөптөрдөн арылган, атайын даярдалган жер тилкеси керектелет. Агротехникалык иш чаралардын бардыгын сактаган соң, жөөктөрдүн аралыгы 1м жана көчөттөрдүн аралыгы 25-30 см аралыкда олтургузуу сунушталат (5-сүрөт). Өстүрүү учурунда дайым нымдуулук туруктуу сакталып туруу керек. Кызылгаттын мурутчаларын кесүү талап кылынбайт жана мөмөсү эрте бышат [4].



**5-сүрөт. Кызылгатты полиэтилен менен жабып өстүрүү ыкмасы.**

***Кара пленкаларда өстүрү ыкмасы.***

Бул ыкма кеңири таралган жана эфективдүү ыкма болуп саналат. Мында биз агротехникалык иштерди жүргүзүп алгандан кийин пленканы жаап, кошуу белгисиндей же "Х" бегисиндей кылып аралыгы 15-20 см түзгөн тешиктерди жасайбыз. Андан соң көчөттөрдү олтургузабыз (6-сүрөт). Кызылгатты кара пленка да өстүрүү бир канча оң жыйынтыктарды берет:

- *кызылгаттын тамыр системасы чирип кетүүдөн сактайт;*
- *отоо чөптөрдүн өсүүсүнө жол бербейт;*
- *температура сакталып, мол түшүм алууга шарт түзүлөт;*
- *түшүм жыйыноо жеңилдейт;*
- *мөмөсү жерге тийбей таза болот* [2,4,5].



**6-сүрөт. Кызылгатты кара пленкаларда өстүрүү ыкмасы.**

***Прамида усулу.***

Жергиликтүү калктын көпчүлүгүнө жер тилкеси көйгөй болуп келет. Ошол себептен жер тилкесин үнөмдөө максатында колдонуу үчүн бул ыкмада да жакшы натыйжа берет жана күнүмдүк тамак аш же базар экономикасына чыгарып киреше тапса болот. Бул өстүрү усулунда эки түрдүү прамиданын жардамы менен өстүрүү ыкмасы сунушталат.

***Беш катмарлуу приамида.*** Бул ыкма жыгачтан жасалат. Аянты 240Х240 см, бийиктиги 12 см түзөт. Пирамиданын ортосуна узун түтүк орнотулат. Ал орнотулган түтүктүн диаметри болжолдуу 50мм, капталынан тешикчелер оюлган ал көчөттөрдү шамалдатуу, сугаруу жана кошумча азыктандыруу үчүн колдонулат. Сегиз катмарлуу пирамиданы жыгачтан башка эски авто покрышкадан да жасоого болот. Түтүкчөдө ар бир покрышканын деңгээлинде 50х50 мм размердеги үч оюкча жасалган (жалпысы 42 оюкча). Мындай пирамидадан күнүнө 10-12 кг түшүм алса болот (7-сүрөт) [2,4,5].




**7-сүрөт. Пирамида усулу.**

***Талкуулоо***

Кызылгатты жазында жана күзүндө көчөттөрүн тигүүгө болот. Күзгү көчөттөрдү тигүү сентябрдын биринчи жарымына чейин жүргүзүлөт. Эгерде андан кеч көчөттөр тигилсе көчөттөрдүн тамырлары жакшы өрчүбөйт, кыш мезгилинде куурап калышы мүмкүн. Тигүүнүн алдында участокту чөптөрдөн тазалоо керек, анткени кызылгат көп жылдык өсүмдүк болгондуктан, анын көчөтүн тиккенден кийин отоо чөптөр менен күрөшүү өтө кыйын болот. Сапатуу таза сорттогу материал жогору түшүм алууну камсыздайт. Ошондуктан илдеттерге туруктуу, жакшы сортторду тандап алуу зарыл [1,2].

**Жыйынтыктоо**

Кызылгат кеңири таралган чөйрөгө тез ыңгайланышкан, тамак-аш катары жана дарылык касиети бар өсүмдүк. Ошол себептен бул өсүмдүктүн түшүмүн артыруу менен биргеликте сапатуулугун жакшыртуу максатында түрдүү жаңы технологияларды колдонуу менен өстүрүүнүн усулдарын үйрөндүк. Бул ыкмалар сунушталат жер тилкеси аз же жер тилкеси жок шаар тургундарына. Себеби бул ыкмаларды колдонуу менен экологиялык жактан таза, экономикалык жактан киреше алып келген азыктарды өндүрө алабыз.

**Колдонулган адабияттар.**

1.Земляника и клубника, сост.И.Н.Пустырский ж.б., М 2000;
2.Полный сортовой каталог России, А.В.Исачкин ж.б. М.2001;
3.**Весник. НАУКОГРАД: наука, производство, общество.Жээнбекова Б.Ж.,М.2024;**
4.Практикалык кеңштер: Бакча кызылгаты Б. Найзабеков Бишкек 2007.
5.Интернет булактары.

**РАЗДЕЛ: ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ**

**УДК 37.091.33**

# СҮРӨТ САБАГЫНДА ЭЛДИК МАЗМУНДУ КОЛДОНУУНУН НЕГИЗДЕРИ

Ирисова Нуриза

Б.Осмонов атындагы Жалал-абад мамлекеттик университети
Э. Уметов атындагы педагогикалык факультети
Педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасы

**Аннотация.** *Бул макалада мектептик билим берүүдө сүрөт сабагынын мазмуну жана максаты кеңири баяндалат. Сүрөт сабагын окуучунун эстетикалык табитин, чыгармачылык жөндөмүн жана улуттук маданиятты кабылдоо жөндөмүн өнүктүрүүчү маанилүү предмет катары сыпаттайт. Макалада башталгыч класстардагы окутуунун мазмуну, колдонулуучу методдор, каражаттар жана элдик чыгармалар менен айкалыштыруу жолдору көрсөтүлгөн. Сүрөт сабагынын тарбиялык, өнүктүрүүчү жана окутуучу милдеттери, ошондой эле башка предметтер менен болгон байланышы да талданып, сабактын структурасын заманбап талаптарга ылайыктоо зарылдыгы белгиленет.*

**Ачкыч сөздөр:** *сүрөт сабагы, чыгармачылык жөндөм, балдардын кыялы, элестетүү жөндөмү, улуттук маданият, элдик оозеки чыгармалар.*

# НАРОДНОЕ СОДЕРЖАНИЕ НА УРОКЕ РИСОВАНИЯ ОСНОВЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ

**Ирисова Нуриза**

Джалал-Абадский государственный университет им. Осмонова

Э.Уметовский педагогический факультет

Кафедра педагогики, психологии и педагогических технологий

**Аннотация** *в этой статье подробно описывается содержание и цель урока рисования в школьном образовании. Описывает урок рисования как важный предмет, который развивает эстетические вкусы, творческие способности и способность воспринимать национальную культуру. В статье показано содержание обучения в начальной школе, используемые методы, средства и способы их сочетания с народными произведениями. Анализируются воспитательные, развивающие и педагогические задачи урока рисования, а также его взаимосвязь с другими предметами, отмечается необходимость адаптации структуры урока к современным требованиям.*

**Ключевые слова:** *урок рисования, творческие способности, детское воображение, навыки воображения, национальная культура, устное народное творчество.*

## FOLK CONTENT IN ART CLASSES BASICS OF USE

**Irisova Nuriza**
B. Jalal-Abad State University named after Osmonov
E. Umetov Pedagogical Faculty
Department of Pedagogy, Psychology, and Pedagogical Technologies

**Abstract**. *This article provides a detailed description of the content and purpose of art lessons in school education. It describes art lessons as an important subject that develops aesthetic tastes, creative abilities, and the ability to perceive national culture. The article shows the content of primary school education, the methods used, the means, and ways of combining them with folk art. It analyzes the educational, developmental, and pedagogical objectives of art lessons, as well as their interconnection with other subjects, and notes the need to adapt the lesson structure to modern requirements.*

**Keywords**: *art lesson, creative abilities, children's imagination, imagination skills, national culture, oral folk art.*

Азыркы заманбап билим берүү системасында ар бир предметтин өз орду, милдеттери жана максаттары бар. Ал окуучунун чыгармачылык жөндөмүн, эстетикалык кабылдоосун, көркөм табитин жана ой-жүгүртүүсүн калыптандырууга багытталган предмет катары саналат. Сүрөт сабагы аркылуу окуучу айлана-чөйрөнү кабыл алуу жана көрүү менен бирге, аны түшүнүп, өзүнүн ички дүйнөсү аркылуу кайрадан чагылдырып бере алат. Бул процесс психологиялык аспектиде караганда көрүү, элестетүү, талдоо жана жаратуу функцияларынын биримдиги менен биргеликте башталгыч класс окуучусунун сүрөт сабагында ой-жүгүртүүсү аркылуу жомоктун, макал-лакаптардын, эпостордун, дастандардын, кенже эпостордун сюжеттин бергени аракеттенет. Аны менен бирге окуучунун логикалык ой-жүгүртүүсү, логикалык ойлоосу, майда моториканын өнүгүшүү менен мүнөздөлөт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү программасында сүрөт сабагы башталгыч класста өзүнүн ордун сактап келет [4]. Башталгыч баскычтагы класстарда — баланын кол кыймылдарын, түстү айырмалоо жөндөмүн, объектти мейкиндикте кабылдоо жөндөмүн өнүктүрүү максат кылынат. Бул куракта окуучунун ой-жүгүртүүсү өтө активдүү өнүгүп, ал кагаз бетине ар кандай элестерди чагылдырып бере алат. Демек, сүрөт сабагында жомоктогу окуяларды тарттыруу, элестетүү, элдик каармандардын портретин сүрөттөп жана анын сюжетин кагаз бетине чагылдырууга аракет кылат, ошоной эле башталгыч класстын окуучусу сүрөттү карап, окуяны баяндап айтып бере ала. Бул процессте окуучу сөз байлыгын өнүктүүрү менен бирге улуттук каада салттарды, улууларды урматтоонун, кичүүлөрдү ызаттоону, Ата-мекенге болгон сүйүүнү, патриотуулукка, өзүн-өзү тарбиялоого, калыптандырууга жардам берет. Сүрөт сабагында элдик ооз эки чыгармаларды пайдалануу — бул кыялды жана эстетикалык түшүнүктү тереңдетүүнүн натыйжалуу жолу [1].

Сүрөт сабагы аркылуу окуучу эстетикалык, психологиялык, логикалык, түшүнүктөрдү гана эмес, тарбиялык жана философиялык түшүнүктөрдү да өздөштүрөт. Мындай сабактарда элдик көркөм мурастарды — оозеки чыгармаларды колдонуу — балага өз маданиятын түшүнүүгө, аны сыйлоого жана сактоого багыт берет.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, жалпы билим берүүчү мектептер үчүн сүрөт сабагы боюнча үлгүлүү программасындагы сүрөт сабагындагы бекитилген темага байланышкан элдик оозеки чыгармалардан колдонуп сабак өтүү өзгөчө роль ойнойт. Тема баланын жаш өзгөчөлүгүнө, кызыгуусуна жана ички дүйнөсүнө шайкеш келиши керек. Бул багытта элдик темалар, жомоктор, уламыштар, эпостор, кенже эпостор, дастандар, тамсил, макал-лакаптар эң натыйжалуу тематикалык материал болуп эсептелет. Себеби балдар бул темалар менен бала кезинен тааныш болуп, аларда моралдык, философиялык, психологиялык жана образдуу маалымат көп.

Жомокко негизделген багыттын мазмуну, каармандары, окуянын жүрүшү негизинде сюжеттик сүрөттөр тартылат. Мисалы: «Эр Төштүк жомогу боюнча ажыдаар менен беттешүү», «Кедей кемпирдин үйү», «Алдар Көсөнүн акылмандыгы», «Тазша баланын сыйкырдуу кылычы» ж.б.[2] Жомокто каармандык, адилеттүүлүк, достук, акылмандык, зулумдук, коркунуч сыяктуу темалар кездешкендиктен, алар аркылуу окуучунун этикалык жана эстетикалык көз карашын калыптандыруу мүмкүн. Мындай темалар балдарга кызыктуу жана көркөм элестетүүнү талап кылгандыктан, чыгармачылыкты күчөтөт. Башталгыч класстын окуучулары өзүнө оң жана терс таасирдеги каармандарды салыштыра алышат.

Көркөм билим берүүдө жалпы билим берүүчү мектептеги негизги предметтердин бири катары окуучулардын дүйнө таанымын, эстетикалык кабылдоосун жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Ал мектеп жашындагы баланын табигый тартылуусу болгон сүрөт тартуу, боёо, форма түзүү аркылуу баланын ички дүйнөсүн ачууну жана өз оюн көркөм каражаттар менен билдирүүнү камсыз кылат. Сүрөт сабагы – бул билим, тарбия жана өнүгүүнү айкалыштырган комплекстүү предмет.

Сүрөт сабагында бала өзүнүн эмоционалдык абалын, жеке көрүү тажрыйбасын жана элестетүүлөрүн сүрөт аркылуу көрсөтөт. Бул процессте окуучу “көрүү – элестетүү – берүү – түшүндүрүү” логикалык чынжырчасы менен иш алып барат. Ар бир этап өз алдынча чыгармачылык механизмге айланат.

Бул сабак аркылуу мектептеги баланын дүйнө таанымын, эстетикалык кабыл алуусун, чыгармачылык потенциалын жана улуттук аң-сезимин өнүктүрүүчү негизги предметтердин бири. Анын мазмуну, максаттары жана милдеттери билим берүүнүн гуманисттик принциптери менен шайкеш келет. Өзгөчө элдик мазмунду интеграциялоо — бул сабакты мазмундуу, руханий жана маданий жактан терең кылат.

Кыргыз элинин бай мурасы, элдик эстетикасы жана көркөм символикасы – сүрөт сабагы үчүн түгөнгүс булак. Бул потенциалды туура пайдалануу менен мугалим баланын чыгармачылыгын ойготуп гана тим болбостон, улуттук идеологиянын пайдубалын да түптөйт. Ошондуктан, сүрөт сабагын өнүктүрүү – бул баланын руханий өсүшүнө салым кошуу менен бирге, улуттук мурастарды, элдик каада салттарды кийинки муунга өткөрүүнүн ырааттуу жолу болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, сүрөт сабагынын мазмуну — бул бир тараптуу көркөм чыгарма жаратуу эмес, бул — бала менен коомдун, тарыхтын, маданияттын ортосундагы байланышты түзүү. Сүрөт сабагынын негизги максаты — балага өзүнүн ички дүйнөсүн,

улуттук дүйнө таанымын көркөм формада билдирүүгө үйрөтүү. Мындай максаттар аркылуу сүрөт сабагы тарбиялык, окутуучу жана өнүктүрүүчү функцияларды бирдей ийгиликте ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

Сүрөт сабагында элдик чыгармаларга негизделген темалар менен иштөө — бул предметтер аралык интеграциянын жана улуттук мазмунду билим берүү процессине киргизүүнүн натыйжалуу формасы. Жомоктордогу каармандар, окуялар, табышмактардагы сүрөттөмө, макалдардагы терең маанисин — мазмунун баары сүрөт сабагында фантазиясын өнүктүрүү аркылуу, берилген чыгарма боюнча ой-жүгүртүүгө шарт түзөт, чыгармачылыкты ойготууга жана улуттук руханий дөөлөттөрдү визуалдык формада чагылдырууга мүмкүнчүлүк түзөт..

Бул багытта темаларды тандоо, иштеп чыгуу жана өткөрүүдө мугалим тарабынан туура педагогикалык ыкмалар, башталгыч класс окуучуларынын дараметине ылайык тапшырмалар жана жеткиликтүү көргөзмө куралдар, мультимедиалык каражаттар колдонулушу зарыл. Сүрөт сабагы үчүн темаларды элдик чыгармалардын негизинде түзүүдө төмөнкүдөй типологиялык бөлүштүрүү сунушталат:

1. **Жомокко негизделген темалар.** Бул багытта жомоктун мазмуну, каармандары, окуянын жүрүшү негизинде сюжеттик сүрөттөр тартылат. Мисалы: «Эр Төштүк жомогу боюнча ажыдаар менен беттешүү», «Кедей кемпирдин үйү», «Алдар Көсөнүн акылмандыгы», «Тазша баланын сыйкырдуу кылычы», «Акыл кара чач» ж.б. Жомокто каармандык, адилеттүүлүк, достук, акылмандык, зулумдук, коркунуч сыяктуу темалар кездешкендиктен, алар аркылуу окуучунун этикалык жана эстетикалык көз карашын калыптандыруу мүмкүн. Мындай темалар балдарга кызыктуу жана көркөм элестетүүнү талап кылгандыктан, чыгармачылыкты күчөтөт.

2. **Макал-лакаптарга негизделген темалар.** Макал-лакаптар элдик акыл-насааттын көркөм формасы болуп эсептелет. Алар кыска, так жана терең маанилүү мазмун менен мүнөздөлөт. Сүрөт сабагында мындай макалдардын маанисин визуалдык каражаттар аркылуу берүү тапшырмалары сунушталат. Мисалы: «Улууну урматта — кичүүнү ызатта», «Жаш келсе — ишке, кары келсе ашка», «Эмгек түбү — береке», «Айтылган сөз — атылган ок», «Адам көркү — адеп», «Жаман болуш бир паста, жакшы болуш аста-аста». Бул багыттагы тапшырмалар аркылуу окуучу метафораны элестетип, форма менен түс аркылуу мазмунду бере билүүгө үйрөнөт.

3. **Уламыш жана легендаларга негизделген темалар.** Бул багытта тарыхый же табигый объекттердин келип чыгышы жөнүндө эл арасында айтылып келген уламыштарга негизделген сюжеттер берилет. Мисалы: «Сулайман тоо» уламышы, «Ала-Тоонун аты кайдан чыккан?», «Карахандын кербени», «Арстанбаптын багы», «Бурана мунарасы тууралуу уламыш», «Айгул жана Козулан», «Ысык-Көл уламышы». Бул темалар аркылуу бала тарыхый эстеликтер менен таанышып гана тим болбостон, аларды сүрөт аркылуу жаңыртып, элдик эстутумду өз кыялы аркылуу баяндап, чагылдырып бере алат.

4. **Табышмактарга жана жаңылмачтарга негизделген темалар.** Табышмактар — баланын логикалык ойломун жана образдуу элестетүүсүн өнүктүрүүчү каражат. Табышмактын чечүүсүн сүрөт тартуу аркылуу берүү окуучунун ойломун жана чыгармачылык чебердигин талап кылат. Мисалы: «Кыштын куну – аппак, жайдын күнү – жапжашыл, мен эмне элем?» (Табият), «Таштын ичинде казына жашырылган» (Жумуртка), «Кичинекей кутуча, ичи толгон бутуча» (Ширенке). «Кичинекей туюнчон,

элдин баарын сүйүнтөт» (Манты) Жаңылмачтар болсо форма, кыймыл, ритм, симметрия сыяктуу элементтерди пайдаланып тартууга ылайыктуу. Алар балада тилдик туюмду гана эмес, визуалдык кайталоо жана символдорду түшүнүү жөндөмүн да өнүктүрөт.

5. **Бата, насаат жана санаттарга негизделген темалар.** Бул багытта руханий-этикалык мазмундагы чыгармалар негиз катары колдонулат. Бата берүү көрүнүшүн, батадагы тилектерди сүрөттөө окуучунун маданий аң-сезимин жана улуттук өзгөчөлүктү түшүнүү жөндөмүн күчөтөт. Мисалы: «Аталар батасы – тилек менен сүрөттөлөт», «Насаат сөздөрдү образга айландыруу», «Ынтымак жомогу», «Санат ыры», сыяктуу иш тапшырмалары сунушталат.

Бул багытта мектептеги башталгыч класс окуучулары бата берүү жана алуу маданий баалуулуктарды сактоо жана муундан муунга өткөрүүдө маанилүү ролду ойнойт. Бул процессте улуулардан алынган бата жаштарга руханий дем-күч берип, алардын туура жолду тандашына жардам берет.

Бата берүү аркылуу окуучулар улуттук баалуулуктарды, салттарды жана маданий өзгөчөлүктөрдү үйрөнүшөт. Бул процессте сөздүн күчү жана анын адамдын ички дүйнөсүнө болгон таасири чоң мааниге ээ. Мисалы, «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» деген макал бата берүү аркылуу коомдун руханий өсүшүн билдирет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**


1. Исаева Г. Сүрөт сабагында теманын тандашы. – Бишкек: Мектеп, 2011.
2. Иманалиев К. Кыргыз көркөм мурастары жана билим берүү. – Бишкек: Билим, 2017.
3. Иманкулов Ж. Кыргыздын сүрөт өнөрү: тарых жана өнүгүү. – Бишкек: Раритет, 2016.
4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн сүрөт сабагы боюнча үлгүлүү программа. – Бишкек: МОН КР, 2022.

**УДК 37.091.33**

# ИННОВАЦИЯЛЫК МЕТОДДОР ЖАНА ЭЛДИК МАЗМУНДУ ИНТЕГРАЦИЯЛООНУН ПЕРСПЕКТИВАСЫ

**Ирисова Нуриза**
Б.Осмонов атындагы жалал-абад мамлекеттик университети
Э.Уметов атындагы педагогикалык факультети
Педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасы

**Аннотация.** *Бул макалада заманбап билим берүү шартында сүрөт сабагын окутууда инновациялык методдорду колдонуу зарылдыгы жана алардын эффективдүүлүгү талданат. Автор көркөм билим берүүдө элдик эстетика менен айкалышкан, мультимедиа каражаттарына, проекттик-изилдөө ишине, ишкердик оюндарга, сабактар аралык интеграцияга жана коомдук ишмердикке негизделген инновациялык ыкмаларды мисал келтирип, алардын окуучунун чыгармачылык, эстетикалык жана маданий аң-сезимин өнүктүрүүдөгү ролун көрсөтөт. Макалада практикалык мисалдар аркылуу бул ыкмалардын натыйжалуулугу негизделип, мугалимдерге методикалык багыт сунушталат.*

**Ачкыч сөздөр** *инновациялык окутуу, сүрөт сабагы, элдик эстетика, мультимедия каражаттары*, *чыгармачылык педагогика.*

# ИННОВАЦИОННЫЕ МЕТОДЫ И ПЕРСПЕКТИВА ИНТЕГРАЦИИ ПОПУЛЯРНОГО КОНТЕНТА

**Ирисова Н.**
Б.Джалал-Абадский государственный университет им. Осмонова
Э.Уметовский педагогический факультет
Кафедра педагогики, психологии и педагогических технологий

**Аннотация**. *В этой статье анализируется необходимость использования инновационных методов обучения рисованию в современных образовательных условиях и их эффективность. Автор приводит примеры инновационных подходов в художественном образовании, сочетающихся с народной эстетикой, основанных на мультимедийных средствах, проектно-исследовательской работе, предпринимательских играх, межпредметной интеграции и социальной деятельности, и показывает их роль в развитии творческого, эстетического и культурного сознания учащегося. В статье обосновывается эффективность этих методов на практических примерах и предлагается методическое руководство для учителей.*

**Ключевые слова***: инновационное обучение, урок рисования, народная эстетика, мультимедийные средства, творческая педагогика.*

# INNOVATIVE METHODS AND PROSPECTS FOR THE INTEGRATION OF POPULAR CONTENT

**Irisova N**.
B. Jalal-Abad State University named after Osmonov
E. Umetov Pedagogical Faculty
Department of Pedagogy, Psychology, and Pedagogical Technologies

**Abstract**. *This article analyzes the need to use innovative methods of teaching drawing in modern educational conditions and their effectiveness. The author provides examples of innovative approaches in art education that combine folk aesthetics with multimedia tools, project-based research, entrepreneurial games, interdisciplinary integration, and social activities, and demonstrates their role in the development of students' creative, aesthetic, and cultural awareness. The article substantiates the effectiveness of these methods with practical examples and offers methodological guidance for teachers.*

**Keywords**: *innovative teaching, art class, folk aesthetics, multimedia tools, creative pedagogy.*

Инновациялык методдор — бул окутуунун жаңы формалары, каражаттары жана ыкмалары аркылуу окуучулардын интеллектуалдык, эмоционалдык жана чыгармачылык потенциалын ачууга багытталган педагогикалык стратегиялар [4.] Башталгыч класстын окуучулары өздөрүнө азыркы замандын талабына ылайык жаңы технологияларды жана методикаларды пайдаланып мультимедия ресурстарын, интеграциялык ыкмаларды, проекттик иштөөнү, биргелешкен окутууну жана практикалык багыттагы формаларды камтыйт.

Элдик чыгармалардын негизги өзгөчөлүгү – алардын терең философиялык жана образдык мазмунунда. Баланын эстетикалык дүйнөсү дал ушул символдорду кабыл алуу, таануу жана аларды өз көз карашында интерпретациялоо аркылуу калыптанат. (2)

Мисалы, “Манас” эпосунда Манастын ак боз аты — акыйкаттын, күч-кубаттын символу, ал эми кара туман — коркунучтун, өлүмдүн жышааны. Бул элементтерди бала сүрөт сабагында тартканда, ал жөн гана көргөнүн эмес, жүрөгү менен сезгенин кагазга түшүрөт. Мындай иш аракет эстетикалык сезимди жана индивидуалдык чыгармачылыкты калыптандырат.

Символдор менен иштөөдө мугалим окуучуларга максаттуу суроолорду берип, эстетикалык контекстти тереңдетет: «Бул түс эмнени билдирет?», «Каарман кандай сезимде?», «Бул форма эмнеге ушундай берилген?». Мындай суроолор баланын аң-сезиминде көркөм анализди жана көрүү менен сезүүнү ишке киргизет [1].

Элдик жомоктордо көп учурда моралдык-этикалык конфликттер, каармандык, достук, жакшылык менен жамандыктын күрөшү берилет. Бул темалардын ар бири эстетикалык кабылдоону гана эмес, нравалык аң-сезимди да камтыйт. Мисалы, “Алдар Көсө” жомогунда акылмандык менен куугунтукка каршы күрөш берилет. Окуучу бул образды сүрөт тартуу аркылуу өзүнө жакындатат. Ал каармандын эмоциясын өз жүрөгү аркылуу

өткөрүп, аны түс, форма жана деталь менен көрсөтөт. Бул процесс эстетикалык рефлексия деп аталат — өзүн көркөм дүйнө аркылуу таануу.

Жомоктордо каармандардын сулуулугу, акылмандыгы, батырдыгы сүрөттөлөт. Макал-лакаптарда кыска, так жана кооз ой айтылат. Табышмактар көрүү жана элестетүү жөндөмүн, абстракттуу ой жүгүртүүнү талап кылат. Бата жана санаттарда сөздүн ыргактуу, мукам формасы баланын угуу сезимин жана сөзгө болгон эстетикалык мамилесин өнүктүрөт. Ошентип, бул формалар окуучунун эстетикалык дүйнөсүнүн ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзөт.

Сүрөт сабагында элдик мазмунду колдонуу эстетикалык тарбия берүүнүн өзөктүү жолдорунун бири. Ар бир жомок, уламыш же макал — бул образ, түс, форма, симметрия, динамика, композиция аркылуу көрсөтүлө турган чыгармачылык мазмун. Бул мазмун баланын дүйнө таанымын, көркөм кабылдоосун жана эстетикалык анализ жөндөмүн иштетет. [5]

Кыргыз элдик оозеки чыгармалар кыргыз элинин руханий дөөлөтүнүн, маданиятынын, эстетикасынын жана тарбия системасынын түпкү булагы. Бул чыгармалар муундан муунга өтүп, коомдун баалуулуктар системасын сактап жана өнүктүрүп келген. Мектептик билим берүүдө, айрыкча көркөм чыгармачылыкка байланыштуу сабактарда, элдик мазмунду пайдалануу окуучулардын улуттук аң-сезимин, маданий эстетикасын жана жаратмандык потенциалын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Учурдагы билим берүү өзгөрүлүштөрүнүн алкагында бул мазмунду окутуу процесси менен айкалыштыруу — мезгилдин талабы.

Сүрөт сабагынын алкагында элдик мазмунду тереңдетип, системалуу жана жогорку деңгээлде интеграциялоо үчүн бир нече фундаменталдуу, концептуалдык жана методикалык кадамдарды көрүү зарыл. Бул процесс заманбап билим берүү системасынын талаптарына, педагогиканын гуманисттик багытына жана улуттук идеологияга шайкеш келиши шарт.

Көптөгөн өлкөлөрдө улуттук мурастар мектептик билим берүүнүн өзөгүн түзөт.

Японияда, мисалы, каллиграфия жана традициялык оймо-чиймелер мектептик программада милдеттүү. Финляндияда элдик мифтер негизинде чыгармачылык сабактар түзүлөт. Ошол эле моделди Кыргызстанда да адаптациялап колдонууга болот, бирок өзүнүн тилинде, образы менен жана мааниси менен.

Элдик мазмунду локалдуу деңгээлде (облустук, аймактык, жамааттык) колдонуунун бир нече формасы:

- Ар бир аймактын өзүнө таандык уламышы негизинде сүрөт ишин уюштуруу (мисалы, Таластын “Манас кырк чоро”, Нарындагы “Кулан” уламышы ж.б.);
- Элдик кол өнөрчүлүктү мектепке жакын окутуу формасына айландыруу;
- Жаш сүрөтчүлөрдүн улуттук конкурстарын өткөрүү.

Сүрөт сабагында элдик мазмунду колдонуу бүгүнкү күндө бир нече негизги себептерге байланыштуу актуалдуу:

1. **Улуттук өзүн-өзү таануу жана идентификация** Глобалдашуунун шартында улуттук өзгөчөлүктү сактап калуу ар бир өлкөнүн стратегиялык максаты болуп калды. Кыргызстанда да бул багытта "улуттук билим берүүнүн концепциясы", "улуттук баалуулуктарды сактоо" программалары ишке ашырылууда. Бул программаларга шайкеш түрдө сүрөт сабагы улуттук эстетикалык аң-сезимдин түптөлүшүнүн аянтчасына айлануусу керек.
2. **Маданий мурастарды сактоо жана кайра жаратуу** Элдик чыгармалардын мазмуну мектеп программаларында үзгүлтүксүз колдонулбаса, алар кийинки муундарга жетпей калуу коркунучуна туш болот. Демек, аларды билим берүү системасына системалуу түрдө интеграциялоо – сактоонун, өнүктүрүүнүн жана активдүү иштетүүнүн жалгыз жолу.
3. **Эстетикалык тарбияны чыңдоо** Элдик мазмундун негизинде түзүлгөн көркөм чыгармалар, оймо-чиймелер, түс символикасы, элдик каармандар – мунун баары эстетикалык түшүнүктүн булагы. Бул мазмунду билим берүүдө пайдалануу окуучунун көркөм табитин калыптандыруунун негизги механизми.
4. **Билим берүүдө интеграция жана чыгармачылык** Элдик мазмун башка предметтер менен интеграциялашууга өтө ылайыктуу. Адабият, музыка, тарых, эмгек жана сүрөт сабактарынын ичинде бирдиктүү темалар аркылуу системалуу көркөм өнүгүү камсыз болот. Бул – педагогикалык эффективдүүлүктүн жана окуу мотивациясынын негизги булагы.

Сүрөт сабагындагы элдик мазмунду интеграциялоо – бул билим берүүнүн гуманисттик мазмунун тереңдетүү, улуттук мурастарды сактоо жана келечек муундун чыгармачылык потенциалын ойготуу боюнча маанилүү багыт. Элдик эстетика менен заманбап билим берүү технологияларын айкалыштыруу аркылуу чыгармачылык сабак реалдуу түрдө бала үчүн "руханий көркөм лабораторияга" айланат. Мугалим бул жерде "маалымат берүүчү" эмес, "баалуулук түзүүчү" катары аракеттенет.

Эгер элдик мазмун билим берүүнүн бардык баскычтарында системалуу түрдө колдонулса, анда улуттук маданияттын өнүгүүсү, эстетикалык аң-сезимдин калыптанышы жана чыгармачыл муунду тарбиялоо ишке ашат. Мындай кадам билим берүүнүн улуттук моделин чыңдоонун жана өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиясы болуп саналат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**

1. Исмаилова С. Кыргыз эл жомокторунун символикасы. – Бишкек: Мурас, 2020.
2. Калмаматова Ш. Элдик чыгармачылык жана эстетикалык тарбия. – Бишкек: Турар, 2016.
3. Кадырова Н. Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө элдик чыгармалардын ролу. – Бишкек: Академия, 2018.
4. Курманкулов Ш.Ж., Шайланова М.М. Инновациялык окутуу технологиясын уюштуруу өзгөчөлүктөрү. НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА № 1, 2018
5. Дүйшөбаев У. Элдик эстетика жана тарбия. – Бишкек: Билим, 2014.

**УДК:37.091.33**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЭЛДИК ОЮНДАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТ

**Таалайбек кызы Милана**

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын магистранты

**Аннотация:** *Бул макалада логикалык-математикалык мазмундагы оюндардын мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык жөндөмдөрүн калыптандыруудагы ролу жана эффективдүүлүгү изилденет. Оюндар балдарды саноо, объектилердин касиеттерин жана мамилелерин таануу, логикалык ой жүгүртүү ыкмаларын колдонуу, убакыт жана мейкиндик боюнча багыт алуу көндүмдөрүнө үйрөтөт. Изилдөөдө визуалдык-басма, оозеки жана көлөмдүү формадагы оюндардын жаңы математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруудагы мааниси каралып, аларда жаңылык элементтери болушу керектиги баса белгиленет. Тарбиячынын активдүү ролу, айрыкча оюндарды уюштуруу жана өткөрүүнүн алгачкы этабында, баланын кызыгуусун арттырып, үйрөнүү процессин натыйжалуу кылууга өбөлгө түзөт. Баштапкы этаптын жыйынтыгында, балдардын басымдуу бөлүгүндө математикалык түшүнүктөрдүн орточо деңгээлде калыптанганы белгилүү болду. Бул көрсөткүч жетишсиз деп бааланып, логикалык-мазмундуу оюндарды системалуу түрдө колдонуу зарылдыгын тастыктады. Изилдөө логикалык-математикалык оюндардын жардамы менен математикалык түшүнүктөрдү терең жана аң-сезимдүү өздөштүрүүгө шарт түзө турган эффективдүү педагогикалык каражат экенин көрсөттү.*

**Ачкыч сөздөр:** *элдик оюндар, мектепке чейинки курак, математикалык жөндөмдүүлүк, билим берүү, логикалык ой жүгүртүү,сандар түшүнүгү, мейкиндик багыт, форма жана көлөм, оюн ишмердүүлүгү, когнитивдик өнүгүү.*

# ЭКСПЕРИМЕНТ ПО ИСПОЛЬЗОВАНИЮ НАРОДНЫХ ИГР В РАЗВИТИИ МАТЕМАТИЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ ДОШКОЛЬНИКОВ

**Таалайбек кызы Милана**

Б. Магистрант кафедры педагогики, психологии и технологий обучения Джалал-Абадского государственного университета им. Осмонова

**Аннотация**: *В этой статье рассматривается роль и эффективность игр логико-математического содержания в формировании математических способностей детей дошкольного возраста. Игры обучают детей навыкам счета, распознавания свойств и отношений объектов, использования логических методов мышления и ориентации во времени и пространстве. В исследовании рассматривается важность игр в визуально-печатной, словесной и объемной формах для формирования новых математических концепций и подчеркивается, что они должны содержать элементы новизны. Активная*

*роль воспитателя, особенно на начальном этапе организации и проведения игр, способствует повышению интереса ребенка и повышению эффективности процесса обучения. По итогам начального этапа выяснилось, что у подавляющего большинства детей математические понятия формируются на среднем уровне. Эта цифра была оценена как недостаточная, что свидетельствует о необходимости систематического использования логически значимых игр. Исследование показало, что логико-математические игры являются эффективным педагогическим инструментом, который может способствовать глубокому и сознательному усвоению математических понятий.*

**Ключевые слова***: народные игры, дошкольное образование, математические способности, образование, логическое мышление,понятие чисел, пространственная ориентация, форма и размер, игровая деятельность, когнитивное развитие.*

## EXPERIMENT ON THE USE OF FOLK GAMES IN THE DEVELOPMENT OF MATHEMATICAL ABILITIES IN PRESCHOOLERS

**Taalaybek Kyzy Milana**

B. Master's student at the Department of Pedagogy, Psychology, and Learning Technologies, Osmonov Jalal-Abad State University

**Abstract**: This article examines the role and effectiveness of games with logical and mathematical content in the development of mathematical abilities in preschool children. Games teach children counting skills, recognition of the properties and relationships of objects, the use of logical thinking methods, and orientation in time and space. The study examines the importance of games in visual-printed, verbal, and three-dimensional forms for the formation of new mathematical concepts and emphasizes that they must contain elements of novelty. The active role of the educator, especially at the initial stage of organizing and conducting games, contributes to increasing the child's interest and the effectiveness of the learning process. At the end of the initial stage, it was found that the vast majority of children have an average level of mathematical concepts. This figure was assessed as insufficient, which indicates the need for the systematic use of logically meaningful games. The study showed that logical-mathematical games are an effective pedagogical tool that can contribute to a deep and conscious assimilation of mathematical concepts.

**Keywords**: folk games, preschool education, mathematical abilities, education, logical thinking, concept of numbers, spatial orientation, shape and size, play activity, cognitive development.

Заманбап билим берүү стандарттарына ылайык, мектепке чейинки курактагы балдардын когнитивдик жана математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү алардын кызыкчылыктарын жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ишке ашырылышы керек. Элдик оюндар салттуу формасы жана элементардык эрежелереди интеграциялоосу менен логикалык ой жүгүртүүнү, көңүл бурууну, эс тутумду өнүктүрүүгө, ошондой эле объектилердин саны, көлөмү, формасы жана өз ара байланыштары жөнүндө

түшүнүктөрдү калыптандырууга көмөктөшөт. Аларды билим берүү процессинде колдонуу баладагы математикалык компетенттүүлүктү жеткиликтүү жана табигый жол менен калыптандырууга шарт түзөт [3].

Тажрыйба-издөө иштери үч этапта жүргүзүлдү:

1-этап-билдирүүчү: мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык көндүмдөрүнүн деңгээлин аныктоо үчүн баштапкы изилдөө.

2-этап-калыптандыруучу: логикалык-математикалык көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзүүчү элдик оюндарды колдонуу менен математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүү боюнча педагогикалык иштерди жүргүзүү. Бул этаптын негизги максаты-балдардын математикалык түшүнүктөрүн ийгиликтүү өнүктүрүүнү камсыз кылган шарттарды түзүү. Маанилүү милдет логикалык-математикалык мазмундагы элдик оюндардын комплексин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу болуп саналат.

3-этап-текшерүүчүлүк: элдик оюндарды колдонгонго чейин жана оюн комплексин колдонуудан кийин балдардын математикалык көндүмдөрүн салыштырмалуу жыйынтыктоочу диагностикалык изилдөө.

Биринчи этапта изилдөө базасы – Жалал-Абад областынын түштүгүндө жайгашкан бала бакчалар тандалып алынды. Жалал-Абад шаарындагы №19-“Коңгуроочо”, №18-“Радуга”, №14- “Ак-Тилек” мектепке чейинки билим берүү уюмдары аныкталып, экспериментке үч жаштан төрт жашка чейинки бала бакчага барган 5-6 жаштагы даярдоо тобундагы 20дан бала (жалпы 58 тарбиялануучу) катышкан. Баладардагы математикалык көндүмдөрдүн деңгээлин баалоо үчүн критерийлер, методикалар жана диагностикалык тапшырмалар иштелип чыкты. Алгачкы диагностика 2023-2024-жылдары жүргүзүлдү, сандык жана сапаттык анализди колдонуу менен эксперименталдык материал чогултулду жана талданды, илимий жактан негизделген тыянактак чыгарылды.

«Чоңдукту жана аны өлчөө» критерийине ылайык, бала чоң кишинин жардамы менен ар кандай чоңдуктагы объектилерди биринчи жолу эмес, экинчи же үчүнчү аракетинде ирееттүү катар курат, объектилердин көлөмүн жана алардын массасын кантип өлчөөгө боло тургандыгы жөнүндө так жана туура түшүнүккө ээ жана бул өлчөөлөрдү шарттуу өлчөө менен жүргүзүү үчүн чоңдордун жардамына муктаж.

«Геометриялык фигуралар» критерийи боюнча бала геометриялык фигуралар (квадрат жана үч бурчтук) жөнүндө толук эмес жана толук аң-сезимдүү түшүнүктөрдү көрсөтөт, көрсөтүлгөн белгилер боюнча салыштыруу чоңдордун жардамы менен жасалат, 1-2 ката кетирет, чоңдордун жардамы менен салыштырат жана объекттерди формасы, өлчөмү жана түсү боюнча классификациялайт.

«Мейкиндиктик түшүнүк» критерийи боюнча бала чоң кишинин жардамысыз мейкиндикте предметтердин аталышын атоодо кыйынчылыкты түзөт; «оң» жана «сол» деген түшүнүктөрдү чаташтырат, кагаз бетине багыт алууда 1-2 ката кетирет, ал чоң

кишинин кошумча жардамысыз план-схема боюнча мейкиндикте кыймылдай албайт, бала өз кыймылынын багытын сөз менен билдирүүдө кыйналат.

Жогорудагы айтылган «Геометриялык фигуралар» жана «Мейкиндиктик түшүнүк» критерийи боюнча п.и.д., профессор Э.Т.Уметов өзүнүн китебинде кыргыз элинде илгертен бери колдонулуп келген оюн - Чатраш (жиптен фигураларды жасоо оюну). Бул оюнду жуп болуп ойношот, оюнга керектелүүчү каражат 90-100 см жип керек. Бул оюндун негизги максаты ой жүгүртүүнү, чыгармачылыкты, жогорку деңгээлдеги эмоцияны жана майда моторикаларды өнүктүрүү болуп эсептелинет. Оюндун жүрүшүндө берилген өлчөмүндөгү жиптин эки учу байланат. Бул оюнга жуп-жуптан көп адам катыша алышат, бирок көп учурда эки гана бала катыша алышат. Геометриялык фигураны жасай албаган оюнчу, жеңилди деп эсептелет.

1.Биринчи кадамда бир оюнчу байланган жипти сол жана оң колдун алакандарына бир катар кылып орошот. Алакандар бири бирине каратып жип тартылат. Андан кийин орто манжалары менен бир оромду тартып алышатта – аттын акыры фигурасы пайда болот.

2.Экинчи кадамда экинчи оюнчу андан – “Тамак үчүн, таякчалар фигурасын жасайт,

3.Үчүнчү кадамда “илме акыр” фигурасы пайда болот.

4.Төртүнчү кадамда – “уйдун көздөрү” жасалат ж.б.

Бул оюнда ойноп жаткан оюнчулар, бир эле фигураны бир канча ирет кайталап жасай алат. Бирок - араа фигурасы пайда болсо, оюн токтотулат, анткени бул фигура атаандаштыктын белгиси.

Чатыраш кыздарынын сүйүктүү оюну. Ага балдар, чоңдор да катышууга болот. Бул оюнга эскертүү белгиси катары, оюн жүрүп жаткан учурда, кийинки кадамды айтып жардамдашууга болбойт; эгерде оюнчу эрежен так аткарбаса же жип чачышып кетсе анда ал жеңилди деп эсептелет. Ушул оюндун негизинде мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги балдарга геометриялык фигуралар темасынын алкагында, Чатраш оюнун негизинде сабак өтүп,балдар ар кандайт геометриялык фигураларды табышты,аны менен чектелип калбастан өз алдынча калемдердин жардамы аркасында фигураларды жасашты, жана сүрөт тартышты.Оюн ишмердүүлүгү мектепке чейинки балдарга эффективдүү деп эсептейм.[9]

Э.Уметовдун илимий иштеринде “Беш манжа”оюнунун беш түрүнүн маанисин кеңири түшүндүрүп берген ачып берген. Мен анын экинчи түрүн мектепке чейинки балдарга эксперимент жүргүздүм. Бул оюн 2-4 жаштагы балдарга арналган. Бул оюндун максаты балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн, тил байлыгынын өнүгүшүсүнө ошондой эле математикалык жөндөмүнүн жогорулашына чоң жардам берет. Чон жана кичинекей өлчөмдөрдү өздөштүр алат. Бул оюнда тарбиячы баланы колуна алат да, бул беш манжа ыр саптарын, айтып берет да, балдардын айтуусун өздөштүргөнчө көзөмөл кылат.

Баш бармак
Бадал эки сүрү баш
Ортоң эки чекилик
Ой баласы солтоной
Кичинекей бөтөнөй

Бул оюндун натыйжасында, 2-4 жаштагы балдар манжалардын чоң, кичинелигин, санын жана аталышын үйрөнөт. [8]

«Убакытты тааныштыруу» критерийи боюнча бала күндүн бөлүктөрүнүн, жуманын күндөрүнүн, мезгилдеринин аттарын билет, бирок алардын ырааттуулугунда ката кетирет; саат боюнча ал канча саат экенин туура аныктайт, бирок чоңдор көрсөткөн убакытты кое албайт (же тескерисинче) [7].

Математикалык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээли төмөн.

«Сандык көрсөткүчтөр жана эсептөө» критерийи боюнча бала 1ден 10го чейинки сан менен санды байланыштырууну билбейт, 10го чейинки иреттик эсепте 3 же андан көп ката кетирет: өзгөрүүчү конструкциянын сандык мүнөздөмөсүн баалоону билбейт, б.а. сандын предметтердин мейкиндиктеги жайгашуусуна көз каранды эмес экенин түшүнбөйт.

«Чоңдугу жана аны өлчөө» критерийи боюнча, мектепке чейинки курактагы балдарда кыйынчылыктар бар: алар объекттерди узундугу боюнча салыштырууну билишпейт (мисалы, тилкелер), түстөрдүн атын билишпейт жана ирееттелген катарды кура алышпайт. Балдарда объектилердин көлөмүн жана массасын өлчөө жолдору жөнүндө түшүнүк жок, ал тургай чоңдордун жардамы менен мындай өлчөөлөрдү жасай алышпайт [5].

«Геометриялык фигуралар» критерийи боюнча, балдарда базалык формалар жөнүндө туура эмес жана аң-сезимсиз түшүнүктөр пайда болот (мисалы, квадрат жана үч бурчтук). Алар бул фигураларды берилген белгилер боюнча салыштырып, объектилерди формасы, көлөмү жана түсү боюнча классификациялай алышпайт [2].

«Мейкиндикти аныктоо көндүмдөрү» критерийи боюнча балдар мейкиндиктеги объектилердин ордун оозеки сүрөттөөдө кыйынчылыктарга туш болушат, көп учурда ката кетиришет. Алар планга же схемага таянып, кагаз бетинде навигациялоону же мейкиндикте жылууну билишпейт [1].

«Убакытты тааныштыруу» критерийи боюнча балдар күндүн бөлүктөрүнүн аттарын, жуманын күндөрүн жана мезгилдерин жакшы билишпейт, алардын ырааттуулугунда жаңылышат. Алар саат менен убакытты айта алышпайт жана сааттын бетине убакытты коёо алышпайт.

5-6 жаштагы балдарда математикалык түшүнүктөрдүн калыптануу баштапкы деңгээлин баалоо үчүн А.В. Белошистанын изилдөөлөрүнөн 15 тапшырма колдонулган 4,

8 (сандык көрсөткүчтөр, эсеп, чоңдук жана өлчөө, геометриялык фигуралар), З.А.Михайлова жана авторлордун (мейкиндиктикти аныктоо көндүмдөрү ж.б.) тапшырмалары колдонулду. (1-тиркемени караңыз).

Изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде диагностикалык тапшырмалардын комплпекси иштелип чыккан, анда так критерийлер жана көрсөткүчтөр, мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык көндүмдөрүнүн калыптанышынын деңгээлдик мүнөздөмөлөрү, ошондой эле ар бир критерий үчүн көрсөтмө жана таркатма материалдар жана деталдуу нускамалар менен тандалган методикалар жана тапшырмалар каралган.

Андан ары (2-тиркеме) мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык түшүнүктөрүнүн баштапкы деңгээлиндеги диагностикалык баалоонун жыйынтыктарына талдоо жүргүзүлдү.

«Сандык көрсөткүчтөр жана эсептөө» критерийи боюнча диагностиканын сандык көрсөткүчтөрү 1-сүрөттө келтирилген.

Математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу процессинде элдик оюндарды колдонуу балдардын чоңдукту кабылдоосун, эсебин, оюн ишмердүүлүгү аркылуу мейкиндик жана убактылуу мүнөздөмөлөрдү аныктоо жөндөмүн өнүктүрүү менен сүрөттөлгөн кыйынчылыктарды жеңүүгө өбөлгө түзөт.




Сүрөт.1. Критерий боюнча мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык көндүмдөрүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээли «сан жана эсептөө».

Сүрөттө берилген маалыматтар көрсөткөндөй, иштин баштапкы этабында

- 70% (42 бала) жогорку деңгээлде
- 20% (14 бала) орто деңгээлде

■ 10% (2 бала) сандык түшүнүктөр жана эсептөө иш-аракеттеринин калыптанышынын төмөнкү деңгээли көрсөтүлгөн.




Сүрөт.2. Критерий боюнча мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык көндүмдөрүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээли"чоңдук жана аны өлчөө".

2-сүреттөгү маалыматтар көрсөткөндөй, иштин

■ алгачкы этабында 15% (13 бала)

■ жогорку деңгээлде, 75% (25 бала)

■ орто деңгээлде жана 10% (22 бала) чоңдуктар жана аларды өлчөө ыкмалары жөнүндө түшүнүктөрдүн калыптанышынын төмөнкү деңгээлин көрсөткөн. Ошентип, көпчүлүк балдар орточо көрсөткүчтү көрсөтүштү. Алынган маалыматтардын сапаттык анализи көрсөткөндөй, тапшырмаларды аткаруу менен жогорку деңгээлдеги он үч мектепке чейинки бала өз алдынча объектилерди өлчөмү боюнча салыштырышкан, биринчи аракетинде ирettүү катарды курушкан, объекттердин өлчөмүн жана алардын массасын кантип өлчөө керектигин айтышкан жана бул өлчөөлөрдү шарттуу өлчөм менен өз алдынча жүргүзүшкөн.

Логикалык-математикалык мазмундагы оюндар балдарды саноого, касиеттерин жана мамилелерин түшүнүүгө үйрөтөт, ой жүгүртүүнүн логикалык ыкмаларын калыптандырат жана убакыт менен мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн өнүктүрөт [6]. Бул оюндар визуалдык-басма, оозеки же көлөмдүү болушу мүмкүн жана балдар үчүн жаңы математикалык түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруучу жаңылыктын элементтерин камтышы керек [4]. Тарбиячы баштапкы этапта аларды уюштурууда жана өткөрүүдө активдүү роль ойнойт.

Квалификациялык изилдөө аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү (контролдук) этаптардан турган, ага даярдоо тобунун 20 тарбиялануучусу 5-6 жаштагы балдары катышкан. Практикалык бөлүктө беш критерийди камтыган мектепке чейинки

курактагы балдардын математикалык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээлин баалоо үчүн диагностикалык инструмент сүрөттөлгөн:

1. Сандык көндүмдөр жана эсептөө.
2. Чоңдугу жана аны өлчөө.
3. Геометриялык фигуралар.
4. Мейкиндиктик өкүлчүлүктөр.
5. Убакытты таануу жана аныктоо.

Бул критерийлер 5-6 жаштагы балдардын математикалык билим берүү программасынын талаптарына жооп берет.

Изилдөөнүн негиздөөчү этабынын натыйжасында, мектепке чейинки курактагы балдарда математикалык түшүнүктөрдүн калыптанышынын орточо деңгээли басымдуулук кылгандыгы аныкталды. Бул натыйжа канааттандырарлык эмес, анткени мындай деңгээлдеги мектепке чейинки курактагы балдар жаңы жана стандарттуу эмес кырдаалдарда ар дайым колдонула бербеген толук жана аң-сезимдүү түшүнүктөргө ээ эмес.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында логикалык-математикалык мазмундагы оюндардын мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык жөндөмдөрүн калыптандырууда маанилүү жана натыйжалуу каражат болуп саналаары аныкталды. Бул оюндар аркылуу балдар саноону, объектилердин касиеттерин жана ортосундагы мамилелерди түшүнүүнү, мейкиндикте жана убакытта багыт алууну, ошондой эле логикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн өздөштүрүшөт. Оюндардын визуалдык, оозеки жана практикалык формалары баланын ар тараптуу катышуусун камсыздап, математикалык түшүнүктөрдү жеткиликтүү жана кызыктуу формада өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн аныктоочу этабында балдардын көпчүлүгүндө математикалык түшүнүктөрдүн орточо деңгээлде калыптанганы байкалган, бул мектепке чейинки билим берүүдө жаңы ыкмаларды колдонуу зарылдыгын көрсөттү. Калыптандыруучу этапта логикалык-математикалык оюндарды максаттуу жана системалуу колдонуу балдардын математикалык көндүмдөрүн жогорулатууга оң таасирин тийгизгени тастыкталды.

Ошентип, логикалык-мазмундуу оюндарды билим берүү процессине интеграциялоо мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык компетенттүүлүгүн табигый, жеткиликтүү жана натыйжалуу жол менен өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкма балдардын келечектеги билим берүү деңгээлине даярдыгын жакшыртып, жаңы кырдаалдарда өз билимин колдонууга жөндөмдүү болгон интеллектуалдык жактан өнүккөн инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Мусейибова Т.А. кээ бир мейкиндик багыттарын калыптандыруу / Т. А. Мусейибова // мектепке чейинки балдарда элементардык математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүүнүн теориясы жана методикасы: хрестоматия: 6 саат, 4-6-Б. / омт. 3. Михайлова, Р.Л. Непомнящая. - Санкт-Петербург: Питер, 1994. - 35-49-бб.
2. Мухина В. С. Курак психологиясы: өнүгүү феноменологиясы: Изилдөө. ЖОЖдун студенттери үчүн / В. С. Мухина. - Орусия: Академия, 2015. – 656 б.
3. Нищева Н. В. Мектепке чейинки курактагы балдарда мезгил жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн оюндар / Н.В. Нищева. - Санкт-Петербург: БАЛАЛЫК ПРЕСС, 2010. – 32 б.
4. Носова Е.А. Мектепке чейинки балдар үчүн Логика жана математика: метод. пособие / Е. А. Носова, р.л. Непомнящая. - Санкт-Петербург: Аксидент, 1996. – 79 б.
5. Обухова Л. Ф. Курактык психология: окуу. чөйрөлөр үчүн. проф. билим берүү / Л. Ф. Обухов. - Орусия: Юрайт, 2016. – 460 б.
6. Использование народных игр как средства развития математических способностей дошкольников - https://www.maam.ru/detskijsad/
7. Использование устного народного творчества в математическом развитии дошкольников - https://open-lesson.net/24/
8. Уметов Т.Э.   Игра в системе народной педагогики- Бишкек: Авторское издание.1998 -138 с
9. Уметов Т.Э.  ЭЛДИК ОЮНДАР Эл мурасы Бишкек-2020 72-73-74-бб.

**УДК: 37.091.33**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЭЛДИК ОЮНДАРДЫ КАРАЖАТ КАТАРЫ КОЛДОНУУ

**Таалайбек кызы Милана**

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын магистранты

**Аннотация:** Бул макалада элдик оюндардын мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруудагы мааниси жана ролу кеңири талданат. Элдик оюндар билим берүү процессинде кубаныч тартулоочу жана көңүл ачуучу каражат болуу менен чектелбестен, баланын логикалык ой жүгүртүүсүн, эс тутумун, көңүл буруусун өнүктүрүүгө жана элементардык математикалык түшүнүктөрдү – сандар, көлөм, форма, мейкиндик түшүнүктөрүн – өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Мектепке чейинки мезгил – бул математикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүү үчүн эң ылайыктуу этап болуп саналат. Макалада элдик оюндардын салттуу элементтери жана жөнөкөй эрежелери аркылуу баланын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыздоонун жолдору каралат. Ошондой эле, заманбап билим берүү талаптарынын алкагында элдик оюндарды колдонуу билим берүү иш-аракетин баланын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө ылайык уюштуруунун эффективдүү ыкмасы катары негизделет. Изилдөөнүн натыйжасында, элдик оюндарды максаттуу жана системалуу колдонуу баланын математикалык компетенттүүлүгүн жеткиликтүү, табигый жана кызыктуу формада өнүктүрүүгө шарт түзөрү аныкталды.

**Ачкыч сөздөр:** элдик оюндар, мектепке чейинки курак, математикалык жөндөмдүүлүк, билим берүү, логикалык ой жүгүртүү, сандар түшүнүгү, мейкиндик багыт, форма жана көлөм, оюн ишмердүүлүгү, когнитивдик өнүгүү.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ НАРОДНЫХ ИГР КАК СРЕДСТВА РАЗВИТИЯ МАТЕМАТИЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ ДОШКОЛЬНИКОВ

**Таалайбек кызы Милана**

**Магистрант кафедры педагогики, психологии и технологий обучения Джалал-Абадского государственного университета им. Осмонова**

**Аннотация:** *В этой статье подробно анализируется значение и роль народных игр в формировании математических способностей детей дошкольного возраста. Народные игры не только являются радостным и развлекательным средством в образовательном процессе, но и способствуют развитию логического мышления, памяти, внимания ребенка и усвоению элементарных математических понятий – понятий числа, объема, формы, пространства. Дошкольное учреждение – наиболее подходящий этап для*

*овладения математическими понятиями. В статье рассматриваются способы обеспечения всестороннего развития ребенка с помощью традиционных элементов и простых правил народных игр. Также в рамках современных образовательных требований использование народных игр оправдано как эффективный метод организации учебной деятельности в соответствии с индивидуальными особенностями ребенка. В результате исследования было установлено, что целенаправленное и систематическое использование народных игр способствует развитию математической компетентности ребенка в доступной, естественной и увлекательной форме.*

**Ключевые слова:** *народные игры, дошкольное образование, математические способности, образование, логическое мышление, понятие чисел, пространственная ориентация, форма и размер, игровая деятельность, когнитивное развитие.*

## THE USE OF FOLK GAMES AS A MEANS OF DEVELOPING MATHEMATICAL ABILITIES IN PRESCHOOLERS

**Taalaybek Kyzy Milana**

B. Master's student at the Department of Pedagogy, Psychology, and Learning Technologies, Osmonov Jalal-Abad State University

**Abstract**: *This article provides a detailed analysis of the significance and role of folk games in the development of mathematical abilities in preschool children. Folk games are not only a joyful and entertaining tool in the educational process, but also contribute to the development of logical thinking, memory, attention, and the assimilation of elementary mathematical concepts—concepts of number, volume, shape, and space. Preschool is the most appropriate stage for mastering mathematical concepts. The article discusses ways to ensure the comprehensive development of children using traditional elements and simple rules of folk games. Also, within the framework of modern educational requirements, the use of folk games is justified as an effective method of organizing educational activities in accordance with the individual characteristics of the child. The study found that the purposeful and systematic use of folk games contributes to the development of a child's mathematical competence in an accessible, natural, and engaging way.*

**Keywords**: folk games, preschool education, mathematical abilities, education, logical thinking, concept of numbers, spatial orientation, shape and size, play activities, cognitive development.

Элдик оюндар – бул кыргыз элинин бай маданий мурасынын ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат. Алар ар кыл курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого, көңүлүн көтөрүүгө жана коомдошууга шарт түзүп эле тим болбостон, ошондой эле билим берүүдө, айрыкча мектепке чейинки балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндө зор мааниге ээ. Элдик оюндар баланын денелик, интеллектуалдык жана эмоционалдык өсүшүнө таасир этүүчү күчтүү курал болуп, өзгөчө математикалык жөндөмдөрдү калыптандыруунун табигый жана натыйжалуу усулдарынын бири катары бааланат.

Мектепке чейинки куракта баланын өнүгүүсүндө элдик оюндардын ролу

Мектепке чейинки жаш — бул баланын дүйнөнү таанып-билүүгө жана аны менен иштешүүгө болгон жөндөмдүүлүктөрү калыптана турган өтө маанилүү жана жоопкерчиликтүү этап. Бул куракта бала айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды түшүнүүгө, логикалык ой жүгүртүүгө, салыштырууга жана жыйынтык чыгарууга үйрөнөт. Мындай жөндөмдөрдү өнүктүрүүдө элдик оюндар абдан чоң жардам берет [7].

Элдик оюндарда колдонулган кыймыл-аракеттер, эсептөө, салыштыруу жана ирээтке келтирүү элементтери математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Мисалы, "Он эки таяк", "Аркан тартыш", "Үч таш", "Жети таш", сыяктуу элдик оюндар баланы сандардын тартиби, саноо, өлчөмдөрдү аныктоо, формаларды таануу жана мейкиндикте багыт алуу жөндөмдөрүнө үйрөтөт [1].

Математикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүдөгү элдик оюндардын ролу

Математикалык жөндөм – бул баланын логикалык ой жүгүртүүсү, анализдөө жана салыштыруу жөндөмү, тартип жана ырааттуулук түшүнүгү, көйгөйлөрдү чечүү көндүмү. Бул жөндөмдөр баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн өзөгүн түзөт жана келечекте мектеп программасын ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн негиз болот.

Элдик оюндар – баланын бул жөндөмдөрүн өнүктүрүүчү табигый чөйрөнү түзөт. Анткени оюндар баланын кызыгуусун арттырат, аны активдүү катышууга, өз алдынча ойлонууга жана чечим кабыл алууга түрткү берет. Мындай шарттарда бала математикага тиешелүү түшүнүктөрдү кыйынчылыксыз жана кызыктуу формада өздөштүрөт. Мисалы, оюн учурунда бала сандарды эсептейт, предметтерди топтоштурат, алардын көлөмүн жана формасын салыштырат, мейкиндикте багыт алат. Ошол эле учурда эс тутуму, көңүл буруу, чыдамкайлык жана тартип сактоо жөндөмдөрү да өнүгөт. Бул баланын жалпы интеллектуалдык деңгээлинин жогорулашына жана коомдук турмушка даяр болушуна шарт түзөт [3].

Заманбап билим берүүдө элдик оюндардын актуалдуулугу

Бүгүнкү күндө билим берүү системасы баланын кызыкчылыгын жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен жекече мамилеге басым жасоодо. Бул өзгөчө мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүшүнө тиешелүү. Ар бир бала өзүнүн индивидуалдуу ыргагында өнүгөт жана ошол өнүгүүгө ыңгайлаштырылган ыкмалар керек. Элдик оюндар, дал ушул жекече өзгөчөлүктөрдү эске алган педагогикалык каражат катары, өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Элдик оюндардын салттуу жана жөнөкөй эрежелери баланын өз алдынча эрежеге баш ийишине, командалык ишке катышуусуна, өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөп үйрөнүшүнө жардам берет [2]. Бул өз кезегинде социалдык көндүмдөрдү жана жоопкерчилик сезимин калыптандырат. Ал эми оюндардын мазмунунда камтылган элементардык математикалык түшүнүктөр баланын аналитикалык жана логикалык ойломун өнүктүрүүгө багытталган.

Мектепке чейинки курактагы балдардын билим берүү - тарбиялоо процессиндеги элдик оюндардын мааниси

Биринчи этап - предметтик-тааныштыруу оюну, анда оюн иш - аракеттери балага чоң кишинин буюм же оюнчуктун жардамы менен берилген мотив боюнча жүргүзүлөт. Анын мазмуну предметти изилдөө процессинде жүзөгө ашырылуучу манипуляцияларды түзөт. Бара - бара бул оюн чоңдор менен баарлашууда бала буюмдун атын жана колдонулуш максатын иш жүзүндө өздөштүргөндө калыптанат жана бул жаңы билим анын аң сезимине оюн аркылуу чагылат.

Экинчи этап-окуяны чагылдырган оюн. Оюндун мазмунунда сюжетти түзгөн нерселер менен иш-аракеттердин тизмеги болот. Бул сюжетте предметти ар кандай кырдаалдарда колдонуунун белгилүү бир логикасы бар, буга чейин бир аз шарттуу болгон объекттер менен иштөө ыкмаларын тууроо. Бул конвенциянын мазмунунда аң-сезимдин символдук функциясы пайда болот, качан предмет бир же бир нече белгилери боюнча окшош башка менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот [1].

Оюндун өнүгүшүнүн маанилүү этабы түздөн-түз окуя-ролдук оюн. Анын мазмуну конкреттүү оюн жагдайда ролу жүрүм-туруму болуп саналат. Ролдук жүрүм-турум жөндөмдүүлүгү баланын предметтердин максатын түшүнүүсүнүн негизинде да, чоңдордун жүрүм-турум моделдерин, алардын мамилелерин тууроонун негизинде да калыптанат. Бул оюн аталбаган ролдук жүрүм – турумдан баштап бир нече өнүгүү этаптарынан өтөт, мында роль объекттер менен иш – аракеттердин мүнөзүндө, жүрүм – турумда, сүйлөө интонациясында гана баланын ролдук жүрүм – турумуна («Мен айдоочумун», «Мен апамын», «Мен сатуучумун», «Мен учкучмун» ж. б.) чагылдырылган [5].

Төртүнчү этап-эрежелери бар оюндарды колдонуу, анда эрежелер формалдаштырылган (так жана аң-сезимдүү), милдеттүү (алар макулдашылганбы же сырттан даяр түрдө алынганбы) жана туруктуу (оюндун жарактуулугу) мүнөзгө ээ болушу. Эрежелери бар оюндарга дидактикалык, таанып-билүүчүлүк, саякат оюндары, кыймылдуу, спорттук, хоровод, элдик, интеллектуалдык, компьютердик оюндар, оюн-зооктор кирет. Эрежелер менен оюндун натыйжасында утуп алуу-анын өзгөчөлүгү. Анда бир жагынан шайкештик жана атаандаштык чагылдырылган (башкаларда гана жеңишке жетүүгө болот), экинчи жагынан иш-аракеттердин инсансыз, милдеттүү эрежеси жана циклдик мүнөзү (эрежелер бардык ойноочуларды теңдештирет, циклдердин резюмеси ар бири үчүн утуштун перспективасын ачат).

Мектепке чейинки балдардын математикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн оюндарды тандоо конкреттүү окуу милдеттери менен шартталган. 5-7 жаштагы балдар геометриялык фигуралардын, түстөрдүн аттарын өздөштүрүшөт, объектилердин касиеттерин жана алардын ортосундагы негизги мейкиндик мамилелерин оозеки аныктоону үйрөнүшөт. Дидактикалык оюндардын негизги милдети-предметтердин касиеттеринин айырмалоого үйрөтүү. Мындай оюндарга мисалы, геометриялык лото аталышындагы оюнду киргизүүгө болот. Мында геометриялык фигуралардын жана түстөрдүн үлгүлөрүн, мейкиндик мамилелеринин өлчөөлөрүн жана схемаларын жана

топтомдорду колдонуу кирет. Бул оюндардын жүрүшүндө балдар объектилерди абстракттуу оймо-чиймелер боюнча топтоштурууну, тышкы индикативдик иш-аракеттерди жана кыймыл-аракетти моделдөөнү үйрөнүшөт [6].

Ошентип, элдик жана дидактикалык оюндар мектепке чейинки курактагы алдыңкы иш аракет болуп саналат жана баланын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн, анын ичинде элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн олуттуу педагогикалык потенциалга ээ. Оюндун маңызы — кызыктуу иш-аракеттер аркылуу баланы үйрөнүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү. Оюнда балдар байкабай жана кызыгуу менен ойноп, билимдерди өздөштүрүшөт. Оюндар ар түрдүү — сюжеттик, дидактикалык, кыймылдуу, театрлаштырылган, эс алуу жана башка болуп бөлүнөт. Алардын ар бир түрү өзүнүн шарттары, максаттары жана милдеттери менен мүнөздөлөт.

Оюндун түзүмү бири-бири менен тыгыз байланышкан оюн тапшырманы, окуяны, оюн иш-аракеттерди жана эрежелерди камтыйт. Тапшырма жана окуя оюн аракеттеринин мүнөзүн аныктайт, ал эми эрежелер иш-аракеттердин аткарылышын жана оюн көйгөйүнүн чечилишин камсыз кылат.

Мектепке чейинки балдардын инсандык өнүгүүсүндөгү элдик оюндардын ролу эмоционалдык чөйрөнү жана таанып-билүү процесстерин калыптандырууда, ошондой эле инсандык сапаттарды өнүктүрүүдө турат. Мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө келсек, оюндар психикалык тарбиянын маанилүү негизи болуу менен сенсордук өнүгүүгө өбөлгө түзөт. Математикалык мазмуну менен оюндар саноону, объектилердин касиеттерин жана мамилелерин өнүктүрүүнү, ой жүгүртүүнүн логикалык ыкмаларын калыптандырууну, сүйлөөнү өркүндөтүүгө жана мейкиндикте, убакытты жана аралыкка багыт алуу жөндөмүн өнүктүрүүгө үйрөтөт [4].

Элдик оюндар мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүндө абдан маанилүү орунду ээлейт. Алар баланын физикалык, социалдык жана интеллектуалдык жактан өнүгүшүнө комплекстүү түрдө жардам берет. Айрыкча, математикалык жөндөмдөрдү калыптандырууда элдик оюндардын ролу баа жеткис. Анткени бул оюндар ар бир балага табигый, жеткиликтүү жана кызыктуу формада математикалык түшүнүктөрдү үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай ыкма баланын мектепке даярдыгын камсыз кылуу менен бирге, анын келечектеги билим алуу процессине жана социалдык жашоосуна бекем пайдубал түзөт.

**Адабияттар тизмеси:**

1. Мектепке чейинки математика: тарбиячылар балдар үчүн колдонмо. бакча жана ата-энелер / а.а. Смоленцева, А. В. Пустовойт, З. А. Михайлова, Р. Л. Непомнящая. - Санкт-Петербург: Аксидент, 1998. – 189 б.
2. Михайленко Н. Я. Мектепке чейинки курактагы эрежелер менен оюн / Н. Я. Михайленко, Н. А. Короткова. - Кыргызстан: Акад. Долбоор, 2002. – 160 б.
3. Мусейибова Т.А. кээ бир мейкиндик багыттарын калыптандыруу / Т. А. Мусейибова // мектепке чейинки балдарда элементардык математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүүнүн теориясы жана методикасы: хрестоматия: 6 саат, 4-6-

Б. / омт. 3. Михайлова, Р.Л. Непомнящая. - Санкт-Петербург: Питер, 1994. - 35-49-бб.

4. Мухина В. С. Курак психологиясы: өнүгүү феноменологиясы: Изилдөө. ЖОЖдун студенттери үчүн / В. С. Мухина. - Орусия: Академия, 2015. – 656 б.

5. Нищева Н. В. Мектепке чейинки курактагы балдарда мезгил жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн оюндар / Н.В. Нищева. - Санкт-Петербург: БАЛАЛЫК ПРЕСС, 2010. – 32 б.

6. Носова Е.А. Мектепке чейинки балдар үчүн Логика жана математика: метод. пособие / Е. А. Носова, р.л. Непомнящая. - Санкт-Петербург: Аксидент, 1996. – 79 б.

7. Обухова Л. Ф. Курактык психология: окуу. чөйрөлөр үчүн. проф. билим берүү / Л. Ф. Обухов. - Орусия: Юрайт, 2016. – 460 б.

УДК 373.5.091.33:535

# 9 - КЛАССТА ЖАРЫК КУБУЛУШТАРЫН ОКУТУУ

**Молдокеримова Э.К., А.Тайирова**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети

***Аннотация***: *Бул макалада 9-класста жарык кубулуштарын окутуунун технологиялары, жарык кубулуштарын окутууда калыптандырылуучу компетенттүүлүктөр жөнүндө жазылган.*

*9-класста жарык кубулуштарын окутууда окуучуларда жарыктын таралышы, жарык булактары, көлөкөнүн түшүүшү, жарыктын чагылуусу, сынуусу, линзалардын түрлөрү, линзалардын жардамында сүрөттөлүштөрдү алуу, оптикалык куралдар, жарыктын интерференциясы, дифракциясы, дисперциясы, дифракциялык торчо, көз, көрүүнүн деффекти сыяктуу түшүнүктөр, жарыктын түз сызыктуу таралышы, жарыктын чагылуу, сынуу закондору жана алардын практикада колдонулушу, оптикалык куралдардын түзулушу жана иштөө принциптери, жарыктаныш, жарыктын толкундук жана кванттык касиеттери боюнча закон ченемдүүлүктөр калыптандырылат.*

*Ошондой эле, окуучу жалпак күзгүдө жана линзада нерселердин сүрөттөлүштөрүн алууну, жарыктын сынуу, чагылуу закондоруна, линзанын оптикалык күчүн, фокус аралыгын, линзадан сүрөттөлүшкө, предметтен линзага чейинки аралыктарды табууга сапаттык жана эсептик маселелерди чыгарууну, Айдын жана Күндүн тутулууларын билиши керек.*

*Окуучу жарык кубулуштарынын турмушта, техникада колдонулушу боюнча маалыматтарды алуу менен практикалык жөндөмдүүлүктөрү, өз алдынчалыгы, алган теориялык билимин турмушта жана келечекте пайдалана алуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *физика, жарык кубулуштары, окуучу, окутуу, компетенттүүлүк, өнүктүрүү, калыптандыруу, технологиялар.*

# ПРЕПОДАВАНИЕ СВЕТОВЫХ ЯВЛЕНИЙ В 9 КЛАССЕ

**Молдокеримова Э.К., А.Тайирова**

Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются технологии преподавания световых явлений в 9 классе, а также компетенции, формируемые при обучении этим явлениям.*

*При изучении световых явлений в 9 классе у учащихся формируются представления о распространении света, источниках света, образовании теней, отражении и*

*преломлении света, видах линз, получении изображений с помощью линз, оптических приборах, интерференции света, дифракции, дисперсии, дифракционной решетке, глазе, дефектах зрения. Также изучаются такие понятия, как прямолинейное распространение света, законы отражения и преломления света и их применение на практике, устройство и принцип работы оптических приборов, освещенность, волновые и квантовые свойства света и соответствующие закономерности.*

*Кроме того, ученик должен уметь получать изображения предметов в плоском зеркале и линзе, решать качественные и расчетные задачи по законам преломления и отражения света, определять оптическую силу линзы, фокусное расстояние, расстояние от линзы до изображения и от предмета до линзы, а также знать причины солнечных и лунных затмений.*

*Ученик, получая информацию о применении световых явлений в быту и технике, развивает практические навыки, самостоятельность и способность применять полученные теоретические знания в повседневной жизни и в будущем.*

***Ключевые слова:*** *физика, световые явления, ученик, обучение, компетентность, развитие, формирование, технологии*

## TEACHING LIGHT PHENOMENA IN GRADE 9

**Moldokerimova E.K., A.Tayirova**

***Annotation:*** *This article discusses the technologies for teaching light phenomena in the 9th grade, as well as the competencies developed during the study of these phenomena.*

*When studying light phenomena in the 9th grade, students develop an understanding of the propagation of light, light sources, the formation of shadows, reflection and refraction of light, types of lenses, image formation using lenses, optical instruments, light interference, diffraction, dispersion, diffraction grating, the human eye, and vision defects. Concepts such as the rectilinear propagation of light, the laws of reflection and refraction and their practical applications, the structure and operating principles of optical instruments, illumination, and the wave and quantum properties of light and related laws are also studied.*

*In addition, students should be able to obtain images of objects in flat mirrors and lenses, solve qualitative and quantitative problems based on the laws of reflection and refraction, determine the optical power of lenses, focal length, distances from the lens to the image and from the object to the lens, and understand the causes of solar and lunar eclipses.*

*By learning how light phenomena are used in everyday life and technology, students develop practical skills, independence, and the ability to apply their theoretical knowledge in real-life situations and in the future.*

***Key words**: physics, light phenomena, student, learning, competence, development, education, technology .*

Физиканы окутууда окуучунун физиканы таанып билүү кызыкчылыгы, алган теориялык билимин турмушта жана келечекте пайдалана алуу жөндөмдүүлүгү, жаратылыш кубулуштарынын закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүүсү калыптанат.

Жарык кубулуштары физикадагы негизги бөлүмдөрдүн бири болуп саналат жана окуучуларга физикада теория менен практиканы айкалыштырып түшүндүрүүнү камсыз кылат. Окуучулар бул теманы өтүү менен жарык кубулуштарын түшүнүшөт, кубулуштарды эксперимент менен изилдешет, жарык менен байланышкан ар кандай практикалык иштерди аткарышат.

9-класста жарык кубулуштарын окутууда окуучулар жарык булактары, жарыктын чагылуусу, сынуусу, линзалар, көлөкөнүн түшүшү, жарыктын интерференциясы, дифракциясы, дисперциясы, дифракциялык торчо, көз, көрүүнүн деффекти, оптикалык куралдар жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрөт. Ошондой эле жарыктын түз сызыктуу таралышы, жарыктын чагылуу, сынуу закондору жана алардын практикада колдонулушу боюнча закон ченемдүүлүктөрдү үйрөнүшөт.

Жарык кубулуштарын окутууда окуучуларга эмне үчүн көлөкө түшөт? Айдын жана Күндүн тутулууларын түшүндүргүлө деген кызыктуу суроолорду берүү менен окуучуларды сабакта активдештирүүгө, физикага кызыктырууга болот. Жогорудагы суроолордун тегерегинде окуучулар ойлорун бөлүшөт, талкуулашат, жыйынтык чыгарышат. Натыйжада окуучунун ойлоо жөндөмдүүлүгү, анализдөө жөндөмдүүлүгү, чечим чыгаруу жөндөмдүулүктөру калыптанат.

Ал эми жарыктын интерференциясы, дифракциясы, дисперциясы деген түшүнүктөргө ээ болгондон кийин окуучулардын өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн класска жогорудагы кубулуштарга байланышкан суроолорду берип **проблемаларды чечүү жөндөмүн калыптандырууга,** жарык кубулуштарына байланыштуу маселелерди чечүүдө практикада алган билимдерин колдонуп, проблемалардын чечимдерди кабыл алат.

Жарык кубулуштарын окутууда жаңы, инновациялык ыкмаларды колдонуу окуучулардын кызыгуусун арттырып, билимди тереңирээк кабыл алуусуна жардам берет.

Билим берүү системасынын өнүгүшү менен бирге, жарык кубулуштарын окутуу процесси дагы өзгөрөт. Ар кандай дүйнөлүк тажрыйбалар жана ыкмалар Кыргызстанда колдонулуп, билим берүү сапатын жакшыртат деп күтүлүүдө.

Жарык кубулуштарын окутууда интерактивдүү технологиялар билим берүү процессинде жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Мындай технологиялар окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, сабакты кызыктуу жана түшүнүктүү кылат.

Төмөндө 9-класста жарык кубулуштарын окутууда интерактивдүү технологияларды колдонууга токтолобуз.

1.Цифралдык лабораториялар - физикалык кубулуштарды эксперименттик жол менен изилдөө үчүн мүмкүнчүлүк түзөт. Виртуалдык лабораторияларда жарык кубулуштарын көрсөтүү үчүн моделдерди колдонуу окуучуларга эксперименттерди коопсуз өткөрүүгө шарт түзөт.
2. Мобилдик тиркемелер жана онлайн платформалар аркылуу окуучулар өзүнчө ыкмаларды колдонуп, жаңы билимдерди изилдеп, эксперименттерди жүргүзүшөт.

**3.** Жарык кубулуштарын окутууда мультимедиялык каражаттарды (видеолорду, презентацияларды, анимацияларды, жана интерактивдүү тесттерди) колдонуу менен сабактардын кызыктуу жана жеткиликтүү болушуна шарт түзүлөт.

4. Физиканы окутууда интерактивдүү такталарда жарык, сүрөттөр, тексттер жана башка ресурстар көрсөтүлүп, окуучуларга сабакта активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн берет.

5. Проекттик окутууда окуучулар өздөрүнүн кызыкчылыктарын жана тажрыйбаларын эске алуу менен тема тандап, изилдөөлөрдү жүргүзүшөт.

6. Топтордо иштөө аркылуу командадагы ар бир мүчөнүн өзгөчө ролу жана жоопкерчилигин орнотуу, натыйжаларды презентациялоо. Окуучулар өздөрүнүн долбоорлорунун натыйжаларын башкаларга көрсөтүп, пикир алышуу жана ар түрдүү чечимдерди сунуштоо жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт.

7. Дифференциалдык окутуу - окуучуларды өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө жана өз алдынча көйгөйлөрдү чечүүгө тартуу максатында колдонулат.

8. Виртуалдык жана анимациялык технологияларды колдонууда окуучулар жарык кубулуштары боюнча жаңы маалыматты жана көндүмдөрдү жаңы, интерактивдүү формаларда алышат. Натыйжада окуучунун физикага болгон кызыгуусу, активдүүлүгү жана башка жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.

9-класста окуучу жарык кубулуштары боюнча тушунуктөрду өздөштүрүп, келечекте пайдалана алуусу үчүн мугалим окутуунун жаңы технологияларын колдонуп, окуучунун жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруусу зарыл.

Кыргызстандагы мектептерде жарык кубулуштарын окутууда төмөнкүдөй кемчиликтер бар:

1.Окуучулар жарык кубулуштарынын теориясын гана үйрөнүп, практикалык иш-аракеттерде жана эксперименттерде чектелип калып жатат. Анткени, мектептерде лабораториялык жабдуулардын жана окуу материалдарынын жетишсиздиги билим берүү процессине терс таасирин тийгизүүдө.

2.Жарык кубулуштарын окутууну сапаттуу жүргүзүү үчүн мугалимдердин компетенттүүлүгү жогору болушу керек. Бирок мугалимдердин педагогикалык жана методикалык даярдыгынын деңгээли ар түрдүү.

Э.Мамбетакунов “Физиканы окутуу теориясы жана практикасы” деген эмгегинде келечекке билимдүү, илимдүү, сыр билги, сөз билги, жөн билги, иш билги, кол билги инсандарды калыптандыруу, башкача айтканда балага мындай сапаттарды калыптандырууда мугалимдин кесиптик компетенттүүлүүгү жана окуучунун жалпы, предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселеси курч экендигин белгилеген.

Учурда дүйнө жүзүндө компетенттүүлүккө негизделген билим берүү системалары кабыл алынууда. Мисалы, Финляндиянын билим берүү системасында **практикалык компетенттүүлүктөрдү** жана **өз алдынча ой жүгүртүүнү** өнүктүрүү колдонулууда. Ал эми Германияда колдонулган **дуалдык окутуу системасы** окуучуларды практикалык көндүмдөргө багыттап, иш тажрыйбасы менен теорияны айкалыштырат.

Кыргызстанда акыркы жылдары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн көп аракеттер көрүлүүдө. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, окуу программаларын заманбап талаптарга ылайыкташтыруу, сабактарды турмуштук жана ишкердик чөйрөгө жакындатуу маселелери да чечилүүдө.

**Колдонулган адабияттар:**

1. КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы, 2023-ж.
2. КРнын жалпы билим берүүчү мектептердин 7-9-класстары үчүн “Физик” предметинин предметтик стандарты. -Бишкек, 2020.
3. Мамбетакунов Э., Исаева Р.У. Мугалимдердин окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу компетенттүүлүктөрү. Окуу куралы. КУУнун “Университет” басмаканасы, Б., 2015, 218 б.
4. Никонова Е.З. Формирование информационнной компетенции учащихся в условиях профилного обучения. 2013.-81 с.

**Сведения об авторах:**

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, педагогика илимдеринин кандидаты, Физика жана информатика кафедрасынын доценти, 0-770-52 64 06, moldokerimovaektibar@gmail.com

**Айсулуу Тайирова,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, кандидат педагогических наук, доцент кафедры Физики и информатики, **Айсулуу Тайирова,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, Candidate of Pedagogical Sciences, assistant professor

**AisuluuTayirova,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student

**УДК 371.39:53**

# ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ ФИЗИКАГА КЫЗЫКТЫРУУ

**Молдокеримова Э.К., Асан кызы Наздана**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети

***Аннотация**: Бул макалада орто мектепте физиканы окутууда дидактикалык оюндарды окуучуларды физикага кызыктыруунун каражаты катарында колдонуу маселелери изилденген.*

*Билим берүү системасында дидактикалык оюндарды колдонуу менен окуучуларга билим берүүгө болот. Сабакта окуучу ойноп жатып физикалык закондорду, формулаларды, кубулуштарды өздөштүрөт, чиймелерди, таблицаларды, графиктерди колдонгонду үйрөнөт, билим алууга умтулуусу байкалат. Дидактикалык оюндар аркылуу окуучуларды тарбиялоодо окуучу коллектив менен иштегенди, топтордо иштегенди, өзүнүн жана классташтарынын пикирин сыйлаганды үйрөнөт, окуучулардын бири-бирине жардамдашуусу өзгөчо байкалат, сабакка активдүү катышат, окуучулардын эмоционалдык, психологиялык абалы жакшырат. Оюн сабактарында окуучунун өз алдынча билим алуусу, физикалык маселелерди чыгаруусу, теорияны практикада колдонуусу, ойлоо жөндөмдүүлүгү өнүгөт.*

*Ошондой эле, дидактикалык оюндар аркылуу окуучуну физикага кызыктырууга, активдештирүүгө, келечектеги кесибине багыт берүүгө болот. Эгер окуучу предметке кызыкпаса, ал сабакка көңүлсүз, кайдыгер катышат. Кайдыгерликтин айынан сабакта тартип бузуп, жанында отурган окуучулардын да көңүлүн өзүнө буруп, сабакка тоскоолдук жаратат. Жогорудагыдай жагымсыз жагдайлардын алдын алуу, болтурбоо максатында сабакта мелдеш оюндарын, ролдук оюндарды, талкуу оюндарын колдонуп, окуучулардын сабакка активдүү катышуусун, предметке кызыгуусун жогорулатуу сунушталат.*

***Ачкыч сөздөр:** физика, окутуу, мектеп, окуучу, технологиялар, дидактикалык оюндар, колдонуу, өнүктүрүү, кызыктыруу.*

# ВОВЛЕЧЕНИЕ УЧАЩИХСЯ В ИЗУЧЕНИЕ ФИЗИКИ С ПОМОЩЬЮ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГР

**Молдокеримова Э.К., Асан кызы Наздана**

Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова

***Аннотация:** В данной статье исследуются вопросы использования дидактических игр как средства повышения интереса учащихся к физике при преподавании этого предмета в средней школе.*

*Использование дидактических игр в образовательной системе позволяет эффективно обучать учащихся. Во время игры на уроке ученик осваивает физические законы, формулы, явления, учится пользоваться чертежами, таблицами, графиками, проявляет*

*стремление к получению знаний. Через дидактические игры в воспитательном процессе ученик учится работать в коллективе, в группах, уважать своё мнение и мнение одноклассников, проявляется взаимопомощь между учащимися, они активно участвуют в уроке, улучшается их эмоциональное и психологическое состояние. Во время игровых уроков у учащихся развивается самостоятельность в обучении, умение решать физические задачи, применять теорию на практике, развиваются навыки мышления.*

*Кроме того, с помощью дидактических игр можно заинтересовать учащихся физикой, активизировать их, помочь с профориентацией. Если ученик не интересуется предметом, он становится равнодушным, пассивно участвует в уроке. Из-за безразличия он может нарушать дисциплину, отвлекать соседей и мешать проведению занятия. Чтобы предотвратить такие негативные ситуации, рекомендуется использовать на уроках соревновательные игры, ролевые игры, игры-дискуссии, что способствует активному участию учащихся в уроке и повышению интереса к предмету.*

***Ключевые слова:*** *физика, обучение, школа, ученик, технология, дидактические игры, применение, развитие, увлечение.*

## INVOLVING STUDENTS IN THE STUDY OF PHYSICS THROUGH DIDACTIC GAMES

**Moldokerimova E. K., Asan kyzy Nazdana**

Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov

***Annotation:*** *This article explores the use of didactic games as a means to increase students' interest in physics when teaching the subject* in secondary school.

*Using didactic games in the education system allows for effective student learning. During the lesson, while playing, students learn physical laws, formulas, and phenomena, as well as how to use diagrams, tables, and graphs. They also show a stronger motivation to gain knowledge. Through didactic games, students learn to work in groups and teams, to respect their own opinions and those of their classmates. Peer cooperation becomes more evident, students actively participate in lessons, and their emotional and psychological well-being improves. In game-based lessons, students develop independence in learning, problem-solving skills in physics, the ability to apply theory in practice, and critical thinking abilities.*

*Moreover, didactic games can help spark interest in physics, activate student participation, and guide them toward future career choices. If a student is not interested in the subject, they become indifferent and unmotivated during lessons. This indifference can lead to disciplinary issues and distractions for other students, disrupting the learning process. To prevent such negative outcomes, it is recommended to use competitive games, role-playing games, and discussion-based games during lessons. These methods help enhance student engagement and increase interest in the subject.*

***Key words:*** *: physics, education, school, student, technology, didactic games, application, development, hobby.*

Тынымсыз өзгөрүп жаткан коом терең билим алуу менен турмуштук ар кандай кырдаалдардагы көйгөйлөрдү өз алдынча, чыгармачылык менен чечүүгө жөндөмдүү болгон мектеп бүтүрүүчүлөрүнө муктаж. Тилекке каршы, билим берүүдө төмөнкүдөй орчундуу көйгөйлөр бар:

- билим берүүнүн сапатынын төмөндүгү, кадрлардын жөндөмсүздүгү;
- күнүмдүк турмушта колдоно ала турган билим берүүнүн зарылдыгы;
- теориялык билимди турмушта практика менен айкалыштыра алышы үчүн тажрыйбага негизделген окутууну камсыз кылуу.

Жогорудагы көйгөйлөрдү чечүүдө, окутууда окуучуларды өз алдынча маселе чыгарууга, коюлган маселени чечүүгө көнүктүрүүдө, физика боюнча алган билимин, билгичтигин, жаңы жагдайларда колдоно билүүгө, өз алдынча чечим чыгарууга үйрөтүүдө дидактикалык оюндарды колдонуунун мааниси чоң.

Мектепте физиканы окутуунун максаты маалыматтык технологияларды колдонуу менен окуучунун дүйнө таанымын өнүктүрүү жана калыптандыруу болуп саналат. Ал эми окуучунун дүйнө таанымын өнүктүрүүдө жана калыптандырууда дидактикалык оюндардын мааниси чоң экендиги жөнүндө белгилүү педагог, психолог окумуштуулардын эмгектеринен белгилүү.

Мисалы, белгилүү педагог Бекенбай Апыш “Тарбия назарияты» деген эмгегинде: "Өнүгүү оюнда да, окууда да, эмгектенүүдө да жемиштүү ишке ашат. Оюн балдардын активдүү ишмердүүлүгүн камсыз кылат, аларды жашоо турмушка практикалык жактан даярдайт. Перзенттин инсан болуп жетилүүсүндөгү оюндун мааниси баа жеткис, оюндар балдардагы табигый шык, таланттарды өстүрүп, чыгармачыл жөндөмүн өркүндөтөт, объективдүү дүйнөнү таанып-билүүсү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп, алардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, компетенттүүлүгүн өнүктүрөт”-деп, оюндарды окутууда, тарбиялоодо колдонууга чоң маани берген [2].

Ал эми Ш. А. Амонашвили: «Бала ойноп жатып нерселерди, кубулуштарды таанып билет, ар түрдүү иштердин ыкмаларын үйрөнүп, мамиле байланыштын, жүрүм-турумдун нормаларын өздөштүрөт. Оюн процессинде тиешелүү болгондордун жана анын шарттарын түзгөндөрдүн бардыгын бала өз алдынча өздөштүрүп алып, аны жаңы маалыматтар менен байытып, зарыл ыкмаларды жана көндүмдөрдү өнүктүрөт. Ошону менен бирге бала өзү үчүн актуалдуу болгон илим, билимге эле эмес, эртедир кечтир анын окуусуна, ишине, коомдук иш-аракетине керектүү болгон ыкмаларга да ээ болот» - деп, оюнда окуучунун өз алдынчалыгы өнүгө тургандыгы жөнүндө, анын келечекте инсан катары калыптанышында да оюндардын баа жеткис мааниси жөнүндө айткан.

Белгилүү педагог-физик окумуштуулар Э.Мамбетакунов, Д.Бабаев, М.Койчуманов, А.Дөөлөталиевалар физиканы окутууда дидактикалык оюндарды колдонуунун артыкчылыктары жөнүндө баалуу ойлорун айтышкан.

Педагогика илимдеринин кандидаты Э.К.Молдокеримова физиканы окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучуларды активдештирүү боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Ал илимий эмгегинде физиканы окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда окутуунун төмөнкүдөй карама-каршылыктарын аныктаган:

- окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу натыйжалуу экендигине карабастан физиканы окутууда дидактикалык оюндарга тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбагандыгы;

- физиканы окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн дидактикалык оюндарды колдонуунун технологиясын өнүктүрүү зарыл, бирок, бул багытта илимий изилдөөлөрдүн, методикалык сунуштардын жетишсиздиги;

- окуучулардын физика предметине болгон кызыгуусунун төмөндөп жаткандыгы белгилүү, бирок, окутууда окуучулардын таанып-билүү кызыкчылыктарын активдештирүүнүн ыкмасы, формасы, каражаты катарында дидактикалык оюндардын колдонулбагандыгы [4].

Физиканы окутуунун жогорудагы карама-каршылыктары Э.К.Молдокеримованын илимий изилдөө темасынын актуалдуулугун шарттаган.

Төмөндө физиканы окутууда дидактикалык оюндарды колдонууга токтолобуз. “Логикалык физика” оюнун өткөн сабакты кайталоо жана жаңы темага өбөлгө түзүү учурунда колдонсо болот.

Миллионер оюну сабакты кайталоодо, бышыктоодо окуучуларды активдештирүү менен өз алдынча изденүүгө мажбурлайт.

“Чын же жалган” оюнунда мугалим өткөн темага байланыштуу сүйлөмдөрдү окуйт, ал эми окуучулар сүйлөм чын же жалган экенин айтышат.

Сабакты бышыктоодо https://wordwall.net/ru/resource/68909144 тиркемесинде даярдалган “Барабан” деген дидактикалык оюн колдонулат. Оюнду өткөрүү үчүн өтүлгөн темага байланыштуу суроолор түзүлөт.

Презентацияларды, сабактардын пландарын даярдоо үчүн Microsoft office Powe Point 2010 тиркемесин колдонуу сунушталат.

Физиканы окутууда интерактивдүү плакаттарды колдонуу, кроссворддорду, ребустарды, кызыктуу кубулуштарды көрсөтүү үчүн seninvg07.narod.ru тиркемесин колдонуу менен окуучулардын тааны билүү ишмердүүлүктөрүн , кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө болот.

Учурда физиканы окутууда окуучулардын окуудагы жетишкендиктери төмөн болуп жатат. Анткени, окуучунун физикага кызыгуусу начар, физиканы билүүнүн турмуштагы зарылдыгын билбейт. Эгер окуучу предметке кызыкса, сабака көңүл бурусуу жакшырат, сабакка активдүү катышат.

Долбоорлор аркылуу окутууда мелдеш оюнун колдонуу. Класс 3 топко бөлүнөт. 1-“Теоретиктер” тобунда окуучулар физикалык кубулушту изилдешет, 2-“Экспериментаторлор” тобу физикалык кубулушту эксперимент аркылуу текшерет, ал эми, 3-“Практиктер” тобу кубулуштун турмуштагы жана техникадагы пайдалуу, зыяндуу жактарын эсептешет.

“Глобализация жана интеграция” оюнун жарык кубулуштарын өткөндө колдонуу.

Күндүн жарыгын колдонуу боюнча интеграциянын жардамы менен дүйнө жүзүндөгү тажрыйбаларды үйрөнүү үчүн класс төмөнкүдөй 3 командага бөлүнөт:

1.“Кытай” командасы. Кытай мамлекетинде Күндүн энергиясын колдонуу тажрыйбаларын интернеттен издеп, таанышып, үйрөнүп, айтып беришет.

2. ”Америка” командасы Америкадагы Күндүн энергиясын колдонуунун артыкчылыктары жөнүндө маалыматтарды чогултуп, Кыргызстандагы Күндүн энергиясын колдонуу менен салыштырып, айтып беришет.

3. “Кыргызстан” командасы Күндүн энергиясын колдонуунун Кыргызстандагы абалы жана келечеги жөнүндө дил баян жазып, окуп беришет.

Жогорудагы оюн сабакта окуучулардын илимий билимдери кеңейип, аларды турмушта колдонууга багыт берет жана окуучулардын физикага кызыгуусун жогорулатат.

Келечекте окуучу физика боюнча жакшы билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуусу, практикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн адегенде окуучуну дидактикалык оюндар аркылуу предметке кызыктыруу керек. Физиканы окутуу процессинде окуучулардын кызыкчылыктарын эске алуу, дидактикалык оюндарды колдонуу максатка ылайык деп ойлойбуз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Бекбоев И. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.-Бишкек.:"Бийиктик", 2011.- 348 б

2.Бекембай Апыш. Тарбия назарияты. -Ош, 1996.-140 б

3. КРнын жалпы билим берүүчү мектептердин 7-9-класстары үчүн "Физика" предметинин предметтик стандарты. -Бишкек, 2020.

4. Молдокеримова Э.К. Орто мектепте физиканы окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү. АВТОРЕФЕРАТ, Бишкек, 2014, .-21 б.

5.Молдокеримова Э.К., Дөөлөталиева А.С. Физика-математикалык билим берүүдө дидактикалык оюндарды колдонуу.-Б.:Техника, 2014.-140 б

6. Молдокеримова Э, Ажикулова Ү. Оюндар аркылуу окутабыз.-Жалал-Абад, 2012.-56 б.

**Сведения об авторах:**

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, педагогика илимдеринин кандидаты, Физика жана информатика кафедрасынын доценти, 0-770-52 64 06, moldokerimovaektibar@gmail.com

**Асан кызы Наздана,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, кандидат педагогических наук, доцент кафедры Физики и информатики, **Асан кызы Наздана,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, Candidate of Pedagogical Sciences, assistant professor

**Asan kyzy Nazdana**, Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student

**УДК 372.853:371.134**

# ФИЗИКАНЫ ОКУП ҮЙРӨНҮҮДӨГҮ ПРОБЛЕМАЛЫК ОКУТУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

***Мурзалиев.К.А., Адылжан к.М.***

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы

***Аннотация:*** *Бул макалада физиканы окуп үйрөнүүдөгү проблемалуу окутуунун артыкчылыктары каралат. Проблемалуу окутуу технологиясы билим берүү процессинде окуучулардын активдүү катышуусун камсыз кылат. Бул методика реалдуу проблемаларды чечүү аркылуу билим алууга мүмкүндүк берет. Макалада проблемалуу окутуунун мааниси, маңызы, шарттары жана мисалдары физикалык маселелерди чыгаруунун мисалында көрсөтүлүп берилген. Физиканы окуп үйрөнүүдөгү проблемалуу окутуунун артыкчылыктары жана аларга методикалык талаптар сунушталды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *проблемалуу окутуу, проблемалуу кырдаал, физикалык маселелер, проблемалуу маселелер, сынчыл ой жүгүртүү.*

# ПРЕИМУЩЕСТВА ПРОБЛЕМНОГО ОБУЧЕНИЯ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ФИЗИКИ

***Мурзалиев.К.А., Адылжан к.М.***

Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад,

Кыргызская Республика

***Аннотация***: *В данной статье рассматриваются преимущества проблемного обучения при изучении физики. Технология проблемного обучения обеспечивает активное участие учащихся в образовательном процессе. Этот метод позволяет получать знания через решение реальных проблем. В статье представлены значение, важность, условия и примеры проблемного обучения на примере решения физических задач. Обсуждаются преимущества проблемного обучения при изучении физики и предлагаются методические требования к его реализации.*

***Ключевые слова:*** *проблемное обучение, проблемная ситуация, физические задачи, проблемные вопросы, критическое мышление.*

# ADVANTAGES OF PROBLEM-BASED LEARNING IN STUDYING PHYSICS

***Murzaliev K A., Adylzhan k M.***

Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic

***Abstract:*** *This article examines the advantages of problem-based learning in the study of physics. The problem-based learning approach promotes active student participation in the educational process. This method enables students to acquire knowledge through solving real-life problems. The article highlights the significance, conditions, and examples of problem-based learning through the process of solving physics problems. Methodological recommendations related to the implementation of problem-based learning in physics education are proposed.*

***Keywords:*** *problem-based learning, problem situation, physics problems, problem questions, critical thinking.*

*Заманбап билим берүү маселесинде окуучулардын өз алдынчалыгын жана таанып билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган окутуунун активдүү ыкмаларына көбүрөөк көңүл бурулууда. Бул ыкмаларды ишке ашыруунун эффективдүү жолу – окутуудагы проблемалуулук экендигин алдыңкы мектептердин тажрыйбалары, ошондой эле окумуштуу дидактардын, методисттердин жана психологдордун атайын жүргүзгөн изилдөөлөрү ачык көрсөттү. Бул окуу технологиясы дайыма актуалдуу болуп, ар тараптан изилденип келген. Проблемалуу окутуунун багытын баштоочулары жана негиздөчүлөрү Д.Ж.Брунер, И.Я.Лернер, М.М.Махмутов. В.Ононь жана башкалар болушкан. Сабактын проблемалуу өтүлүшү окуучуларды ар кандай фактылардын суммасы менен гана куралдандырбастан, алардын аң сезиминин, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүнүн максималдуу өнүгүшүн камсыз кылат [1].*

*Орто мектептерде проблемалуу окутуу технологиясы окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн жогорулатуунун эффективдүү каражаты болуп саналат. Бул технология чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, өз алдынча ой жүгүртүүнүн калыптанышына, окуучулардын билимди ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Проблемалуу окутуу технологиясы негизги фундаменталдык табигый-математикалык предметтерди окуп үйрөнүүдө артыкчылыктуу багыт болуп саналат.*

*Проблемалуу окутуу деп окуу программасынын чегиндеги негизги закон ченемдүүлүктөрдү окуп үйрөөнүн базасында теориялык жана практикалык мүнөздөгү маселелерди чыгаруу процессинде окуучуларды системалуу түрдө катыштырып туруу процессин түшүнөбүз.*

*Проблемалуу окутуунун элементтерин физиканы окутуунун бардык формаларында натыйжалуу пайдаланууга болот. Физика боюнча маселелерди чыгаруу - бул физиканы окутуу технологиясынын негизги методдорунун бири болуп эсептелет. Физикалык маселелерди чыгаруу окуучулардан изденүүнү, ойлонууну жана ишмердүүлүктү чыгармачылык менен жүргүзүүнү талап кылат. Ал эми маселе чыгарууга үйрөтүүнүн ийгилиги, окутуучунун колдонгон методикасына жана окуучулардын маселе чыгаруунун жалпыланган методу менен куралданышынан көз каранды. Бул маселени чечүүнүн бирден бири ишенимдүү жолу окутуунун проблемалуу методун колдонууда турат [2].*

*Проблемалуу окутуу технологиясы билим берүү процессинде окуучулардын активдүү катышуусун камсыз кылат. Бул методика реалдуу проблемаларды чечүү аркылуу билим алууга мүмкүндүк берет. Проблемалуу окутуу төмөндөгү этаптардан турат: проблемалуу шартты түзүү; проблеманы чечүү; проблеманын чечилишин жыйынтыктоо [4]. Физиканы окуп үйрөнүүдө проблемалуу шарты түзүүгө проблемалуу маселелер колдонулат. Маселелерди чыгарууда проблемалуу окутууну чыгармачылык мүнөздөгү жана проблемалык маселелерди чечүүнү системалуу түрдө колдонуу менен ишке ашырууга болот. Физикада проблемалуу маселелерди негизинен сапаттык жана эксперименталдык маселелер тузүшөт. Мында негизги каражат болуп проблемалуу маселелер жана суроолор, проблемалуу эксперименталдык маселелер эсептелет. Мисалы: "Кайыктын ичинде олтурган адам, анын бортун түрткөн кезде кайык эмне себептен ордунан жылбайт, ал эми эгер адам кайыктан чыгып ошондой эле күч менен түртсө кайык жылат?"*

*(проблемалуу суроо-маселе), «Лампочканын цоколундагы* $U = 6$ *В деп жызылган жазуусу калып, калганы өчүп кеткен. Лампочканын кубаттуулугун кантип аныктоого болот?» (проблемалуу эксперименталдык маселе) ж.б. [3]. Мындай маселелердин көп түрдүүлүгү алардын окуу процессинин бардык этаптарында колдоно боло тургандыгын шарттайт: проблемалуу кырдаалды түзүүдө ( проблемалуу окутуу), окуп үйрөнүлгөн материалды бышыктоо жана текшерүүдө, текшерүү жумуштарын өткөрүүдө ж.б.*

*Физика жөнүндө бирдиктүү түшүнүктөрдүн калыптанышы окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө физикалык билимдерди жана кубулуштарды жекече аңдап-түшүнүүнүн негизинде ишке ашат. Өзгөчө көнүл окуучунун таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүнө жана алардын өз алдынча окуу иштерин аткарууга шыктануусуна бурулат. Мындан проблемалуу окутуунун бир катар артыкчылыктарын баса белгилөөгө болот.*

*- Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү: окуучулар маалыматты талдоо, карама-каршылыктарды аныктоо жана ар кандай көз караштарды баалоого үйрөнүшөт.*

*- Аналитикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү: окуучулар маанилүү белгилерди аныктоого, себеп-натыйжа байланыштарын түзүүгө жана логикалык жыйынтык чыгарууга үйрөнүшөт.*

*- Теориялык билимди практикада колдоно билүү: окуучулар изилденген физикалык закондордун жана кубулуштардын практикалык маанисин көрүшөт.*

*- Окуу мотивациясын жогорулатуу: проблемаларды чыгаруу процессине активдүү катышуу окуучулардын физикага болгон кызыгуусун арттырып, алардын таанып билүү активдүүлүгүн стимулдайт.*

*- Коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүү: командада иштөөгө, идеяларды талкуулоого жана өз көз караштарын талашууга үйрөнүшөт.*

*Физика сабагында проблемалык окутууну колдонуу боюнча методикалык сунуштар.*

*- Көйгөйлүү кырдаалдарды кылдаттык менен тандоо: Кырдаал кызыктуу, актуалдуу жана окуучулардын даярдык деңгээлине ылайыктуу болушу керек. Мисалы: "Шыпка асылып коюлган коргошун зымы өзүнүн салмагыны көтөрө албай үзүлүп түшөт. Илинген коргошун зымынын узундугу кандай болгон? Себебин түшүндүргүлө". Мында көйгөйлүү кырдаал болуп коргошун зымынын үзүлүп кетүүсү алынат.*

*- Окуучуларды керектүү маалымат жана ресурстар менен камсыз кылуу: окуу китептерине, маалымдамаларга жана башка маалымат булактарына ээ болушу керек. Мисалы: коргошундун тыгыздыгы, механикалык касиеттери, чыналуусу, бышыктык чеги ж.б.*

*- Даяр чечимдерди бербестен окуучулардын ишин жетектөө: Мугалим окуучуларга суроолорду түзүүгө, гипотеза иштеп чыгууга жана натыйжаларды талдоого жардам бериши керек. Мисалы: Эмне үчүн зым үзүлүп кетти? Зымдын максималдуу узундугу эмне менен аныкталат? Башка металл колдонсок эмне болот? Каалаган узундуктагы зымды асып коюга болобу?*

*- Топтук иштерди уюштуруу: Топто иштөө окуучуларга ой бөлүшүүгө, ар кандай көз караштарды талкуулоого жана натыйжалуураак чечимдерди табууга мүмкүндүк*

*берет. Маселени алгач жупта жана топто иштеп, жоопторду коллективдүү талкуулоо ж.б.*

*- Акыркы жыйынтыкты гана эмес, аны чыгаруу процессин да баалоо: -Баалоодо окуучунун активдүүлүгүн, маалыматты талдоо, гипотезаларды коюу жана жыйынтык чыгаруу жөндөмдүүлүгүн эске алуу зарыл.*

*Физиканы окутууда проблемалуу окутуунун ыкмаларын колдонуу окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, аларды активдүү жана ой жүгүртүүгө багытталган окуу процессине тартууга мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкма окуучуларды теорияны практикада колдонууга, реалдуу жашоодон алынган көйгөйлөрдү чечүүгө жана өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай окутуу билим берүү процессин жандандырып, окуучунун өз алдынча ойлоно билүү жана маселе чечүү жөндөмүн калыптандырууда маанилүү. Ошондуктан, проблемалуу окутуу – заманбап билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү катары каралышы керек.*

*Адабияттар:*


1. *Бекбоев И. Сабак жана окутуунун методдору. Мектеп мугалимдери, ЖОЖдун окутуучулары, аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн.-Б.:Улуу Тоолор, 2020.—108 б.*
2. *Мурзалиев К.А., Кыдыралиев С.К., Назаралиева Э. Физикалык маселелердин окуу процессиндеги орду. ЖАМУ жарчысы, 2012 №1 (26) Жалал-Абад 2012, Стр.191-194 б.*
3. *А.П.Рымкеевич. Физика боюнча маселелер жыйнагы: Орто мектептин 9-11-кл.үчүн /Котор. Т.Мамбетахунов.- 6-бас.-Б.: Мектеп 1992.-240 б.*
4. *Нукешов С.Т. Жогорку окуу жайларда болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик билим берүүдө проблемалуу окутуу зарылдыгы. Известия вузов Кыргызстана № 7, 2016.*


*Сведения об авторах:*


***Мурзалиев Каныбек Акматбекович**, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, улук окутуучу.*

***Адылжан кызы Мафтунахон,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, магистрант.*

***Мурзалиев Каныбек Акматбекович**, Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызская Республика, старший преподаватель.*

***Адылжан кызы Мафтунахон,** Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант.*

***Murzaliev Kanybek Akmatbekovich**, Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic, senior lecturer.*

***Adilzhan kyzy Maftunahon,** Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic,м*

**УДК: 37 02**

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОЮН ЫКМАЛАРЫН КОЛДОНУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

**Асылбек кызы Махабат**

*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети*

***Аннотация:*** *бул макалада билим берүү системасында оюн ыкмаларын колдонуу (геймификация) темасы каралып, анын артыкчылыктары, көйгөйлөрү жана келечеги каралат. Оюн ыкмалары окуучулардын мотивациясын жогорулатууга, сабактарды кызыктуу жана интерактивдүү кылууга жардам берет. Оюндар окуучулардын логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууну жакшыртат жана заманбап технологиялар менен айкалышып, билим берүү процессин интерактивдүү жана кызыктуу кылат. Ошол эле учурда, техникалык жабдуулардын жетишсиздиги, мугалимдердин даярдыгы, оюн элементтерин туура колдонуу жана окуучулардын оюнга өтө берилип кетүүсү сыяктуу көйгөйлөр бар. Келечекте жасалма интеллект, виртуалдык жана кеңейтилген реалдуулук сыяктуу технологиялардын жардамы менен оюн ыкмаларынын ролу өсүп, билим берүүнүн сапатын жогорулатат. Макалада ошондой эле оюн ыкмаларын практикалык колдонуу боюнча мисалдар келтирилип, келечектеги өнүгүү багыттары сунушталат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *геймификация, оюн ыкмалары, билим берүү, мотивация, интерактивдүү окутуу, технология, жасалма интеллект, виртуалдык реалдуулук, кеңейтилген реалдуулук, мугалимдин даярдыгы, инклюзивдүү билим берүү, билим берүү технологиялары, оюн элементтери.*

## Проблемы и перспективы использования игровых методов в образовании

**Асылбек кызы Махабат**

***Аннотация:*** *В этой статье рассматривается тема использования игровых методов (геймификации) в системе образования, а также рассматриваются ее преимущества, проблемы и перспективы. Игровые техники могут помочь повысить мотивацию учащихся, сделать уроки более увлекательными и интерактивными. Игры развивают логическое и творческое мышление учащихся, улучшают обучение с учетом индивидуальных особенностей и в сочетании с современными технологиями делают образовательный процесс более интерактивным и увлекательным. В то же время существуют такие проблемы, как отсутствие технического оборудования, подготовка учителей, правильное использование игровых элементов и чрезмерная одержимость учащихся игрой. В будущем роль игровых методов будет расти благодаря таким технологиям, как искусственный интеллект, виртуальная и дополненная реальность, что повысит качество образования. В статье также приведены примеры практического применения игровых приемов и предложены направления дальнейшего развития.*

***Ключевые слова:*** *геймификация, игровые методы, образование, мотивация, интерактивное обучение, технологии, искусственный интеллект, виртуальная реальность, дополненная реальность, подготовка учителей, инклюзивное образование, образовательные технологии, игровые элементы.*

# Problems and prospects of using game methods in education

**Asylbek kyzy Mahabat**

***Abstract:*** *This article discusses the use of gaming methods (gamification) in the education system, as well as its advantages, problems and prospects. Gaming techniques can help increase student motivation and make lessons more fun and interactive. Games develop students' logical and creative thinking, improve learning based on individual characteristics and, in combination with modern technologies, make the educational process more interactive and exciting. At the same time, there are problems such as lack of technical equipment, teacher training, proper use of game elements, and excessive student obsession with the game. In the future, the role of gaming methods will grow thanks to technologies such as artificial intelligence, virtual and augmented reality, which will improve the quality of education. The article also provides examples of practical application of game techniques and suggests directions for further development.*

***Keywords****: gamification, game methods, education, motivation, interactive learning, technology, artificial intelligence, virtual reality, augmented reality, teacher training, inclusive education, educational technologies, game elements.*

Заманбап билим берүү системасында оюн ыкмаларын (геймификацияны) колдонуу окуучулардын мотивациясын жогорулатууга жана сабактарды кызыктуу кылууга жардам берет. Бирок, бул ыкманын өзгөчөлүктөрү менен катар кээ бир көйгөйлөрү да бар. Бул макалада билим берүүдө оюн ыкмаларын колдонуу, анын артыкчылыктары, көйгөйлөрү жана келечеги каралат.

Оюн ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү узак убакыттан бери изилденип келет.

Көптөгөн окумуштуулар окутуунун ар кандай ыкмалары менен алектенип, класстагы оюн иш-аракети байланыш гана эмес, аны эң көп иш-аракетке жакындатат. Оюн акыл-эс жана эрк активдүүлүгүн өнүктүрөт. Комплекстүү, бирок ошол эле учурда кызыктуу тажрыйба катары, ал чоң концентрацияны талап кылат, эс тутумду үйрөтөт, аны өнүктүрөт. Оюн көнүгүүлөрү эң пассивдүү жана начар даярданып келген окуучуну да кызыктырат, алардын иштешине оң таасирин тийгизет. Мындай ыкманы колдонууда мугалимдин милдети биринчи кезекте окуучунун таанып-билүү иш-аракетин уюштуруу болуп саналат, анын жүрүшүндө окуучулардын жөндөмдүүлүктөрү, өзгөчө чыгармачылык өнүгөт. Оюн ар дайым эмоционалдык жана психикалык күчтөрдүн белгилүү бир чыңалуусун жана чечим кабыл алуу жөндөмүн камтыйт (эмне кылуу керек, эмне айтуу керек, кантип жеңүү керек?). Бул суроолорду чечүүнү каалоо оюндагы ой жүгүртүүнү курчутат. Оюн-зоок, рекреация катары чыгармачылык тренингге, эмгекте көрүнгөн адамдык мамилелердин моделине айланышы мүмкүн [0, 0, 0].

Окутуунун оюн формаларын колдонуу билим берүү процессин маңыздуу жана сапаттуу кылат, анткени:

- оюн ар бир окуучунун Активдүү таанып-билүү иш-аракеттерине жекече жана жамааттык түрдө катышат (Мисалы, Kahoot, Wordwall же Quizizz жана башка ушул сыяктуу платформаларын колдонууга болот) жана ошону менен билим берүү процессин уюштуруунун натыйжалуу каражаты болуп саналат;

- маалыматтын 90% өздөштүрүлгөн практиканын өзгөчө түрүнө мүнөздүү болгон өзүнүн окуучулук иш-аракеттери аркылуу оюнда үйрөнүү;
- оюн-анын катышуучуларына тандоо, өзүн көрсөтүү, өз тагдырын өзү аныктоо жана өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берген эркин иш;
- оюн белгилүү бир натыйжага ээ жана окуучуну максатка жетүүгө (жеңишке) жана аң-сезимге үндөйт;
- оюнда тигил же бул окуучулар башында бирдей (жаман же жакшы окуучулар жок: оюн гана бар);
- натыйжа оюнчуга, анын дене түзүлүшүнүн деңгээлине, жөндөмүнө, чыдамкайлыгына, чеберчилигине, мүнөзүнө жараша болот;
- жекече окуу процесси оюнда инсандык баалуулукка ээ болот;
- оюндун ажырагыс бөлүгү болгон “атаандаштык” окуучу үчүн жагымдуу; оюндан алынган ырахат чет тил сабактарында ыңгайлуу абалды жаратат жана предметти үйрөнүүгө болгон каалоону күчөтөт;
- оюнда ар дайым табышмак бар - жооптун жоктугу , окуучунун ой жүгүртүүсүн активдештирип, жооп издөөгө түртөт;
- оюн активдүү окутуу системасында өзгөчө орунду ээлейт: ал синтетикалык, окутууну уюштуруу ыкмасы жана формасы сыяктуу, активдүү окутуунун дээрлик бардык ыкмаларын синтездейт [0, 0].

Мунун баары оюнду окутуунун эң жогорку түрү катары аныктоого мүмкүндүк берет. Оюнга негизделген окутуу ыкмасын колдонуу маанилүү методикалык маселелерди жеңилдетет, мисалы:

- сүйлөө коммуникациясына студенттин психологиялык даярдыгын калыптандыруу;
- кайталануучу тилдик материалга табигый муктаждыкты камсыз кылуу;
- окуучуларды кептин туура вариантын тандоого үйрөтүү. Бул жалпысынан кептин кырдаалдык стихиялуулугуна даярдык болуп саналат [0, 0].

Сабактын оюн түрлөрү түрткү каражаты катары иш-оюн аппараттардын жана кырдаалдардын жардамы менен класста түзүлөт, түрткү берүү, студент. Кырдаал өзүнүн сюжети, чыр-чатагы жана актерлору менен драмалык чыгармага окшош болушу мүмкүн. Оюн сессиялары учурунда кырдаал бир нече жолу кайталанышы мүмкүн, ар бир жолу жаңы версияда. Бирок, ошол эле учурда, оюндагы кырдаал чыныгы турмуштук кырдаал. Анын реалдуулугун оюндун негизги конфликти-атаандаштык аныктайт. Оюнга катышууга даярдык бул идеяны жактырат жана оюнчулардын энергиясын мобилизациялайт, эмоционалдык чыңалуу атмосферасын түзөт. Оюн кырдаалынын так шарттарына жана оюн материалын чектелген колдонууга карабастан, анда күтүлбөгөн элемент бар. Ошондуктан, оюндун стихиялуулугу белгилүү бир деңгээлде сүйлөөгө мүнөздүү [0].

Оюн элементтери билим берүү процессин кызыктуу жана динамикалуу кылып, окуучуларды сабакка көбүрөөк тартат. Геймификация окуучуларга тапшырмаларды аткарган сайын сыйлыктарды, упайларды же деңгээлдерди көтөрүү мүмкүнчүлүгүн берет, бул алардын сабакка кызыгуусун күчөтөт [0, 0, 0].

Оюндар аркылуу окутуу окуучуларды активдүү катышууга жана материалды тереңирээк өздөштүрүүгө түрткү берет. Мисалы, Kahoot!, Quizizz жана Duolingo сыяктуу платформалар тесттерди оюн формасында уюштурууга жардам берет.

Оюндар окуучуларды логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө үйрөтөт. Айрыкча, стратегиялык жана симуляциялык оюндар (Minecraft Education, SimCity EDU) окуучуларга реалдуу маселелерди чечүүгө жардам берет.

Оюн ыкмалары окуучулардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тапшырмаларды сунуштоого мүмкүнчүлүк берет. Бул метод начар окуган окуучуларга жардам берип, мыкты окуган окуучуларга татаалыраак тапшырмаларды берүү мүмкүнчүлүгүн түзөт.

Оюн ыкмалары санариптик технологиялар менен айкалышып, билим берүүнү заманбап талаптарга ылайык жүргүзүүгө жардам берет. Виртуалдык жана кеңейтилген реалдуулук сыяктуу технологиялар окуучуларга жаңы тажрыйба сунуштайт. Ошол себептен бардык мектептерде компьютерлер, планшеттер же VR-очкилер сыяктуу шаймандар жетиштүү болбогондуктан, бул ыкмаларды колдонуу кыйынчылыктарды жаратат.

Окутуучулардын көбү оюн элементтерин сабакка киргизүүнү үйрөнгөн эмес. Бул көйгөй мугалимдердин кошумча даярдыгын талап кылат.

Кээде окуучулар сабактын негизги максатын унутуп, оюн элементтерине эле басым жасашы мүмкүн. Бул көйгөйдү чечүү үчүн оюндар сабактын мазмунуна туура келиши керек.

Баардык оюндар билим берүү үчүн ылайыктуу эмес. Мисалга алсак, агрессивдүү оюндар же кызыксыз жана монотондуу оюндар сабакка терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, педагогикалык натыйжалуулугу жогору болгон оюндарды тандоо маанилүү.

Социалдык жана экономикалык теңсиздиктер: интернетке жана технологияларга жеткиликтүүлүктүн болбошу. Айрым окуучулар интернетке же технологияларга жеткиликтүүлүк ала албайт. Бул көйгөй билим берүүдөгү теңсиздикти күчөтөт.

Айрым мектептерде компьютерлердин, интернеттин, же интерактивдүү жабдуулардын жетишсиздиги оюн элементтерин колдонууга тоскоол болот.[0]

Бардык мугалимдер геймификация ыкмаларын жакшы өздөштүрө элек. Айрымдары бул ыкмага шектенүү менен карашат, ал эми башкалары аны кантип туура колдонорун билишпейт.

Оюн форматындагы сабактар көбүнчө убакытты көп талап кылат. Окуу программасынын тыгыздыгынан улам мугалимдерде мындай ыкмаларды колдонууга убакыт жетишпей калат.

Жасалма интеллект, виртуалдык жана кеңейтилген реалдуулук сыяктуу технологиялардын өнүгүшү VR/AR технологиялары жана башка окутуу процессин дагы да реалисттик жана интерактивдүү кылууга өбөлгө түзүп берет.

Билим берүү системасы дайыма өзгөрүп турат. Жаңы изилдөөлөр геймификациянын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

7-класстын информатика сабагында "Google тиркемелери" темасы боюнча "Фортуна дөңгөлөгүн" колдонуу эң сонун идея! Бул өзү кызыктуу тема жана оюндун элементтери менен ал ого бетер кызыктуу жана эсте калаарлык болот.

5-класстарга "балык уулоо" оюнун колдонуу жемиштүү жана эсте каларлык! Айрыкча, "Paint графикалык редактору" деген темада, анда негизги куралдарды жана көндүмдөрдү кызыктуу жана визуалдык түрдө бекемдей аласыз. Ушул эле оюнду 6-класстарга дагы киргизсеңиз натыйжалуу болот. Мында кагаздан балык жасап (кесилген сүрөттөрдү колдонуңуз), ар бир балыктын арт жагына тапшырма жазган оң. Балыктарды

магнит таягы менен “кармаса” болот же кутудан туш келди тартса болот. Интерекактивдүү метод менен Wordwall “Fishing game” же болбосо балыктар менен презентация түзсө болот.

“Эшик” оюнун 5-6-класстарга колдонсо болот. Мында оюнчулар тандаган эшикти ачып суроолорго жооп берип, кошумча балл топтойт. Ал эми “Ракета” оюну - бул мектеп окуучулары үчүн популярдуу командалык жана жеке оюн, аны сабактарда, ошондой эле класстык сааттарда же класстан тышкаркы иш-чараларда өткөрсө болот. Сабакта активдүү катышып, суроолорго жооп бергенине карата асманды көздөй учат.

Викторина форматындагы мээге чабуул оюндарын 8 – 9 – класстарда колдонуу актуалдуулугун жоготпойт. Ар кандай тиркемелерди (мисалы Kahoot жана Quizzz) колдонсо болот. Ал эми электр энергия же интернет туташуудан көйгөй жаралса, жөнөкөй классикалык форматта доксканы колдонсо болот.

Өнүккөн өлкөлөрдө оюн ыкмалары билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп калды. Биздин мамлекетте дагы мугалимдер арасында дагы бул ыкманы жайылтуу маанилүү. Ошол себептен мугалимдерге геймификация боюнча тренингдер өткөрүлүшү керек.

Оюндар инклюзивдүү билим берүүнүн эффективдүү инструменти болуп саналат. Ар кандай мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар үчүн да ылайыктуу окутуу шарттарын түзүүгө болот.

Мугалимдердин ролу: Мугалимдер оюн ыкмаларын сабактын мазмунуна ыңгайлап колдонушу керек.

Технологиялык инфраструктураны өркүндөтүү: Мектептерди заманбап техникалык жабдуулар менен камсыздоо зарыл.

Окуучулардын жана ата-энелердин оюн ыкмаларына болгон көз карашын өзгөртүү: Ата-энелерге геймификациянын пайдалуулугун түшүндүрүү керек.

Оюн ыкмалары билим берүү процессине жаңыча дем берип, окуучулардын мотивациясын жогорулатууга жана сабактарды кызыктуу кылууга чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Заманбап технологиялардын өнүгүшү менен билим берүүгө геймификацияны киргизүү муктаждыгы артып жатат. Оюн элементтеринин жардамы менен окуучулар сабакка активдүү катышып, окуу материалын тереңирээк өздөштүрө алышат. Мындан тышкары, оюн ыкмалары логикалык ой жүгүртүү, чыгармачыл чечим кабыл алуу жана командалык иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

Бирок, оюн ыкмаларын билим берүүдө кеңири колдонуу үчүн бир катар көйгөйлөрдү чечүү зарыл. Биринчиден, бардык мектептерде техникалык жабдуулардын жетишсиздиги чоң тоскоолдук жаратууда. Компьютерлердин, планшеттердин жана интернетке туташуу мүмкүнчүлүгүнүн жетишсиздиги оюн ыкмаларын колдонууга чектөө коёт. Экинчиден, мугалимдердин бул жааттагы билимин өркүндөтүү жана атайын тренингдерди өткөрүү зарыл. Оюн ыкмаларын туура колдонуу үчүн мугалимдер жаңы технологиялар менен иштөөнү үйрөнүшү керек.

Мындан сырткары, окуучулардын оюнга өтө эле берилип кетүүсү билим берүүнүн негизги максатына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, оюндар сабактын мазмуну менен шайкеш келип, окуу программасынын максаттарына туура келиши керек. Геймификация сабакка жардамчы курал катары колдонулушу керек, анткени ал окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, окууга болгон мотивациясын жогорулатат ал билим алуу процесстерин кызыктуу жана интерактивдүү кылып, окуучуларды активдүү катышууга түртөт. Бул учурда геймификациянын негизги максаты

— окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу жана тереңирээк түшүнүү. Геймификация стратегиялары аркылуу окуучулар сабакта өздөрүн кыйынчылыктарды чечүүчү, кызыктуу таймаштарга аралашып, жетишкендиктерине жараша балл же сыйлыктарды алууга мүмкүндүк алышат. Мындай ыкма билимди жөнөкөй окуучуну тажатуучу эмес, белгилүү бир максаттарга жетүүнү көздөгөн жана чыгармачылыкка түрткү берген формада тапшырууга мүмкүндүк берет. Бул өз кезегинде окуучуларды сыноолорго болгон мамилесин жакшыртып, билимдерин бекемдөөгө жана жагымдуу тажрыйбага айланат.

Келечекте билим берүү тармагында оюн ыкмалары кеңири колдонулуп, жаңы технологиялардын жардамы менен дагы да эффективдүү болот. Жасалма интеллект (AI), виртуалдык жана кеңейтилген реалдуулук (VR/AR) сыяктуу жаңы инструменттер окутуунун интерактивдүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Бул технологиялар окуучуларга реалдуу тажрыйбалар менен билим алууга шарт түзүп, татаал темаларды түшүнүүнү жеңилдетет.

Геймификация ошондой эле инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Оюн ыкмалары ар кандай мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар үчүн ыңгайлаштырылган окутуу шарттарын түзүүгө жардам берет. Айрыкча, атайын муктаждыктары бар балдар үчүн оюн форматында берилген тапшырмалар аларга билимди жеңилирээк кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, оюн ыкмаларынын билим берүүдө келечеги чоң. Бирок анын натыйжалуу колдонулушу үчүн бир катар факторлорду эске алуу керек: техникалык камсыздоо, мугалимдердин даярдыгы, окуучулардын оюнга болгон мамилеси жана билим берүү максаттары менен туура айкалыштыруу. Эгерде бул маселелер чечилсе, оюн ыкмалары келечекте билим берүүнүн ажырагыс бөлүгүнө айланып, окутуунун сапатын жаңы деңгээлге чыгарат.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Kapp, K. M. “The Gamification of Learning and Instruction: Game-based Methods and Strategies for Training and Education. John Wiley & Sons, 2012-жыл.

2.Асылбек кызы Р. “Билим берүүдө мультимедиалык технологияны колдонуунун мааниси”, Вестник ЖАГУ, 2023-ж., 217-2024-б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54068515

3.Deterding, S., Dixon, D., Khaled, R., & Nacke, L. “From Game Design Elements to Gamefulness: Defining “Gamification””. MindTrek, 2011-жыл.

4.Асылбек кызы Р. “Билим берүүдө интернет технологияларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү”, Вестник ЖАГУ, 2023-ж., 210-217-б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54068514

5.Gee, J. P. “What Video Games Have to Teach Us About Learning and Literacy”. Palgrave Macmillan, 2007-жыл.

6.Zichermann, G., & Cunningham, C. “Gamification by Design: Implementing Game Mechanics in Web and Mobile Apps”. O'Reilly Media, 2011-жыл.

7.Асылбек кызы Махабат “Окуу процессинде оюн методикасын сабактын этаптарында колдонуунун өзгөчөлүктөрү”, вестник Пространство учёных в мире, 2025-жыл, 15-б.

8.Асылбек кызы Махабат, Маматова Гульшаир Тыныбековна “Окуучулардын когнитивдик жана эмоционалдык өнүгүүсүнө оюн ыкмаларынын таасири”, вестник Пространство учёных в мире, 2025-жыл, 24-б., https://elibrary.ru/contents.asp?id=80522804

9.Батырова Ы.М, Мураталиева В.Т “формирование компетенций будущих педагогов в области информационных технологий” Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2018. №1 (36). С. 108-112 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35055569
10.Эрхан К. “Окуучулардын өз алдынча изилдөө билгичтиктерин калыптандырууда интерактивдик каражаттарды колдонуунун методикалык ыкмалары”, Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2020. № 2 (45). С. 57-63. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44593396

***Автор жөнүндө маалымат:***

**Асылбек кызы Махабат**, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ФМББ(И)маг-1-23 тайпасынын магистранты, Жалал-Абад шаары, тел. номери: +996 776 311 102, asylbekkyzymahabat11@gmail.com

Сведения об автора:

**Асылбек кызы Махабат**, магистрант группы ФМО(И)маг-1-23, Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, г. Жалал-Абад, тел. номер: +996 776 311 102, asylbekkyzymahabat11@gmail.com

**Asylbek kyzy Mahabat**, master’s student of Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, phone number: +996 776 311 102, asylbekkyzymahabat11@gmail.com

**УДК 94(575.2):929**

# ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН НЕГИЗДЕЛИГИ ЖАНА ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ МУРЗАКУЛ БОЛУШТУН ОРДУ

**Халматов Кудратбек Абдувахабович, Аскаралиева Жаңылай Аскаралиевна**

***Аннотация****.Бул илимий макалада Жалал-Абад шаарынын тарыхый калыптаныш этаптары жана анын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон тарыхый инсандардын бири — Мурзакул болуштун ишмердүүлүгү изилденет. Макалада XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы коомдук-саясий абал, Мурзакул болуштун башкаруу ыкмалары, жергиликтүү эл менен болгон мамилеси, социалдык инфраструктуранын өнүгүшүнө тийгизген таасири архивдик жана оозеки булактар аркылуу баяндалган. Автор Мурзакул болуштун Жалал-Абад аймагындагы ролун жогору баалап, анын коомдогу орду бүгүнкү күндө да актуалдуу экенин белгилейт. Макала тарыхчыларга, студенттерге жана аймактык изилдөөлөр менен алектенген окурмандарга арналган.*

***Ачкыч сөздөр****: Жалал-Абад шаары, Мурзакул болуш, тарыхый инсандар, коомдук ишмер, аймактык өнүгүү, эл башкаруу, оозеки булактар, архивдик маалыматтар*

# МЕСТО МУРЗАКУЛА В СТАНОВЛЕНИИ И РАЗВИТИИ ГОРОДА ДЖАЛАЛ-АБАД

**Халматов Кудратбек Абдувахабович, Аскаралиева Жаңылай Аскаралиевна**

***Аннотация****:В данной научной статье исследуются этапы исторического формирования города Жалал-Абад и деятельность одного из значимых исторических деятелей — Мурзакул болуша, внёсшего весомый вклад в развитие региона. В статье рассматриваются социально-политическая ситуация конца XIX — начала XX века, управленческие методы Мурзакул болуша, его отношения с народом и влияние на развитие социальной инфраструктуры. Анализ проводится на основе архивных и устных источников. Автор подчёркивает актуальность фигуры Мурзакул болуша и его значение для современного общества. Статья предназначена для историков, студентов и исследователей региональных процессов.*

***Ключевые слова****: город Жалал-Абад, Мурзакул болуш, исторические личности, общественный деятель, региональное развитие, народное управление, устные источники, архивные материалы*

# MURZAKUL'S PLACE IN THE FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE CITY OF JALALABAD

**Khalmatov Kudratbek Abduvakhabovich, Askaralieva Janylai Askaralievna**

***Abstract****: This scientific article explores the historical formation of the city of Jalal-Abad and the contributions of one of its key historical figures — Murzakul Bolush. It examines the socio-political context of the late 19th and early 20th centuries, Murzakul Bolush's governance methods, his relationship with the local people, and his role in the development of social infrastructure. The analysis is based on archival records and oral history sources. The author*

